Кырг
С 63

Айсалкын
Сооронбаева

# ТЕҢИР ТОО

об
С кырг
С 63

Айсалкын
Сооронбаева

# ТЕҢИР ТОО

Токтогул Сатылганов атындагы
Ош облустук китепкана
АБОНЕМЕНТ

Токтогул Сатылганов
атындагы
Ош облустук китепкана
ИНВ № 487874

«Улуу Тоолор»
Бишкек-2014

УДК 821.58
ББК 84.5
С 49

Сооронбаева Айсалкын
**Теңир тоо**: Бишкек/ – Б.: «Улуу Тоолор», 2014. – 168 б.

С 49

ISBN 978–9967–13–983–2

С 4703020100–16 УДК 821.58
ББК 84.5

ISBN 978–9967–13–983–2 ©Сооронбаева.А,. 2014



## ЖҮРӨК ЖЫЛЫТКАН ЫРЛАР

Акын кыз Айсалкын Сооронбаева менен тааныш эмес элем. Бирок акын кыздын "Теңир Тоо" ыр топтомундагы ырларын окуп, өзүн көргөндөй, өзү менен таанышкандай болуп калдым. Анткени акын жалганды жамабай, ырлары чын ыкластан жазылгандыктан, кайсы темага болбосун өзүнүн атуулдукпу, балалыкпы, энеликпи, жарандыкпы көз карашын, мамилесин кыйгатпай түз билдире алгандыктан, автордун жан дүйнөсү ыр саптарынан чагылып көрүнүп турат.

Ырлар жөнөкөй жазылып, жылуулугу бар. Ошол жылуулук окурманды ойлонтуп, кубанчу жерде кубантып, кайгырчу жерде кайгыртат. Демек бул жерде чындык бар. Чындык гана көңүлүңө бүлүк калып, сезимиңди серпет.

Айсалкын Сооронбаеванын "Теңир Тоо" китебиндеги мына ошол чындыктын негизи – заман өзгөрүп, турмуш издеп Орусияга агылган миңдеген кыргыз жаштарынын арасында акын кыз да болуп, алыста

калган Ата Журттун, туулган жердин, андагы ата-эне, тууган-урук, дос-жардын баркы-баасын сезген кусалыкта, сагынычта жатат. "Улуулар менен бийиктер алыстан даана көрүнөт" дегендей, акын кыздын кусалуу сезим-туйгулары ырга айланган.

Андыктан акын "Амансыңбы, Ата журт!" ырында:

Коюнунда атам менен апам бар,
Алыс-жакын туугандар да өзүңдө.
Карааныңдан кагылайын Ата журт,
Караанын бар карегимде, көзүмдө. –

деп же

"Биринчи май" менин сулуу айылым,
Бара албай абдан сени сагындым.
Көздөн учат балалыгым өткөн жер,
Баруу үчүн келип турат камынгым. –

деп ырдап жатат. Бул ыр саптарынан алыс жактарда жылдап жүрүп Ата журтка куса-сы арткан, Кудай буйруган кайсы бир күнү Ала-Тоого жол тартып, жол камын көрүүчү күндү эңсеген канча бир мекендештерибиздин сагынычтан саргайган элестери тартылат.

Ошондой эле Сооронбаеванын айрым ырларында, чакан ой толгоолорунда алыста жүргөн кыргыз жаштарынын оң-терс жүрүм-турумдары, ийгиликтери, кемчиликтери, аялуу тагдырлары тууралу да жазыл-





ган. Мындай чыгармалардын өсүп келаткан жаш муунга тарбиялык мааниси да бар.

Акын ырларында Аял-энеге, анын мээримине, анын үй-бүлө үчүн арналган өмүр-тагдырына, тарткан түмөн-түйшүгүнө зор маани берет.

"Аял" аттуу ырында:

Аял – эне, аял назик сүйгөн жар,
Аял – үйдүн жарык чачкан чырагы.
Аял – үйдө кажыбаган кыларман,
Аял – үйдүн үзүлгөнүн улаары. – деп

аял-эненин айжаркын да, түйшүктүү да образын тартат.

Китепте махабат, адамдар ортосундагы мамилелер тууралу да ырлар арбын. Акын бул темалардагы ырларында да акыйкатты, ыймандуулуктуу туу тутат.

Сөзүмдү аяктап жатып, алыста жүрүп бу адам баласынын өмүр тагдырындагы Ата журт, тууган жер, ата-эне, жакшы адамдар деген аялуу асылдарга аздектеп ыр жазган акын сиңдим Айсалкын, арыба демекчимин. Алдыда дагы изденип, такшалып, жүрөк жылыткан ырларды жаза бер.

*Фатима Абдалова акын,*
*Алыкул сыйлыгынын лауреаты*

## ТЕҢИР ТОО

Теңир тоо чокусуна Айды илип,
Узатат узун түндү таңды сүйүп.
Сырдашып шыңгыраган жылдыздарга,
Теңир тоо турат сүрдүү бийик, бийик.

Теңир тоо желаргысы жыпар чачкан,
Түрдүү чөп,түркүн гүлдөр буркураган.
Адамдын буту жетпес жерлери бар,
Бугу оттоп, жолборс жойлоп, элик
качкан.

Чокусу асман тиреп, кар жамынган,
Жайдагы аптапка да багынбаган.
Арчалуу төрлөрүндө улар сайрап,
Аюусу тоо койнунда магдыраган.

Тоо бийик, тоону сүйгөн элим бийик,
Тоодо өскөн, тоо кадырын сезе билип.
Тамырлаш кыргыз элим тоолор менен,
Тенир тоо, биз жашайбыз сени сүйүп,
Теңир тоо, кыргыз үчүн улуу, бийик.





***

Уйкудан сен деп ойгондум,
Түшүмө кирбей койбодуң.
Унутпай өксүп жүргөндө,
Убайга салып козгодуң.

***

Көзүмө сүртүп жүрөр сүрөтүң жок,
Карегиме катып келдим элесиңди.
Качандыр келет деген үмүт менен,
Картайып баратамын күтүп сени.

***

Сүйбөгөндү сүйдүрүү кандай кыйын,
Сүйгөнүнө жетпеген андан кыйын.
Сүйүү отуна чалдыгып ооруганча,
Сүйүү эмне, билбеген кандай сонун.

***

Жароокерим көз карашың,
дале турат элесиң,
Күдөрүмдү үзбөй сенден,
күткөнүмдү билбейсиң.

***

Ийри колго иш албай колоктогон,
Арак ичкен жигитте кубат кайда?
Ичип алып бырылдап шолоктогон,
Кыргызымдын аялында уят кайда?

***

Пайдасыз ырды жазып,
не таптың дегиң келет.
Баладай ар бир ырым,
жашоомо кубат берет.

Сандыкка катсам ырды,
сары оору болуп кетем.
Саамайым жел сылабай,
арманда өтүп кетем.





## АТАМ КАЛЫККА, АПАМ ТАЖИКАНГА АРНАЙМ

Жүрөктөн оргуп чыккан каалоо-тилек,
Алыстан балдарыңыз өмүр тилеп.
Ар дайым ата-энебиз бар болгула,
Аска-зоо карааныңар, бизге тирек.

Ата-апа төрүбүздө бар болгула,
Акылман карыядай жан болгула.
Балдардан урмат көрүп, кызмат көрүп,
Жакшылык, ырыскыга жар болгула.

Карыбай, күүлүү болуп, жашты жашап,
Токсондун тогузун же жүздү таяп.
Небере, чеберенин күүсү менен,
Ата-апа, жашагыла жыргап, куунап.

## АПАКЕМ – ТУМАРЫМСЫҢ

Сакчыда турган жоокер сымал,
Сак болуп кызың үчүн оюн бөлгөн.
Санааркап канчалаган таңды атырдың,
Садагам деп, уулуң үчүн уйку көрбөй.

Биз үчүн саамайыңды бубак басып,
Секундга бизди унутпай жүргөндүрсүң,
Кичине кезибизди эстеп алып,
Ууртуңдан бир жылмайып
күлгөндүрсүң,

Апаке, саябандуу багым менин,
Өмүрдө түгөнбөгөн азыгымсыз.
Сагынып турам бүгүн өзүңүздү,
Дүйнөдө теңдеши жок асылымсыз.

Кечиргин, апакебай, суранамын,
Кызыңыз иштеп жүрөт алыс жакта.
Актасам деп ойлоймун ак сүтүңүз,
Тилегим, максаттарым ишке ашса.

Мен сиздин алдыңызда карызым көп,
Убакыт келет, апа, баарын жасайм.
Кызы деп баягынын эл окушаар,
Апаке, далай, далай ырлар жазам.





## АТАКЕМ МЕНИН АСКА ТООМ

Турмушта туу тутканым, атакемсиз,
Чынчыл бол, калыс жүр деп
үйрөткөнсүз,
Кыйкырып катуу сүйлөп койгон менен,
Калыссыз, кайраттуусуз ченебеген.

Атаке, бир сырдуусуз катаал мүнөз,
Ак пейил, кээ бир кезде шайыр тартып.
Кыялыңыз учкул канат, узун ойлуу,
Төгөсүз ыр саптарын жамактатып.

Турмушка чыдамкайсыз жеңилбеген,
Айтасыз ата жытын сезбегем деп.
Тагдырдын берген оор сыноосунан,
Өткөмүн оор сыноону жеңгемин деп.

Кудайдан бак тилеп, өмүр тилеп,
Намазды үзбөй окуп беш ирекет.
Кармайсыз жаш күндөн динди бекем,
Оор мүнөз, мага кымбат, жан атакем.

Атаке, айта турган ак-тилегим,
Ар дайым, апам менен бир болуңуз.
Тенирден суранганым жалгыз собол,
Эсен жүрүп, эч жамандык көрбөңүз.

## АСЫЛЫМ МЕНИН АПАКЕМ

Бала кезде мен ашынган көк элем,
Бал тилиңизге, апакебай, көнбөгөн.
Бүлүндүрүп, бузуп баарын турчумун,
Баркыңызды неге ошондо билбегем.

Урушсаңыз жүк артына жашынып,
Убайымга салып сизди жүрүпмүн.
Улам карап качан издеп келет деп,
Уктабастан кайра коркуп күтүпмүн.

Алдаганга көнбөй такыр көгөрүп,
Артыңыздан калбай ээрчип ыйлагам,
Азап берип бутуңузга оролуп,
Ал убакта абдан сизди кыйнагам.

Ошондо эле ойлонгондо, канаке,
Оордук салып жүрбөйт элем жүдөтүп.
Оорутпастан дилиңизди, апаке,
Ондомокмун терс кыялым түзөтүп.

Чарк айланып уйкуңузду төрт бөлүп,
Чоңойттуңуз асыл апам, таалайым.
Чындыгында тил албаган көк болуп,
Чачыңыздын мен агарттым далайын.

Ал мезгил да алыс калды зымырап,
Акылыңыз укпай жүргөм курутуп.





Апакем ай, эскересиз жылмайып,
Азап берген күндөрүмдү унутуп.

Берекем деп, чачым сылап кайра эле,
Баардыгына муңайбастан түтчүсүз.
Баркы бийик, менин сулуу апакем,
Бул дүйнөдө тендеши жок күчтүүсүз.

Баркы бийик, менин күчтүү апакем,
Бул дүйнөдө теңдеши жок сулуусуз.



## УУЛУМ ДУРУСБЕККЕ

Кычыраган кыштын узун түнүндө,
Үчтүн айы, жыйырма экинчи күнүндө.
Саат жебеси бирге келген кезинде,
Жетине албай тургам алгач сүйүнө.

Сен жарыкка келген ал күн шаң эле,
Бактым анда Ала-Тоодой бар эле.
Наристе элең, мен тилиңе тойбогон,
Кылыктарың, сөзүң ширин бал эле.

Дурус бала болсо экен деп абакең,
Дурус адам болсо экен деп атакең.
Дурусбек деп атаганбыз атыңды,
Дагы деле көп нерседен Дурус дейм.

Дурус кылсын баардыгынан Теңирим,
Дурус уулу болгун балам элиңин.
Баскан жолуң болсун дайым байсалдуу,
Байрагы бол бийиктеги жериңдин.





## УУЛДАРЫМ – ҮМҮТТӨРҮМ, КАНАТЫМ

Карегимдей кастарлаган уулдарым,
Карааныңар жөлөк мага нурларым.
Кучак жайып эркелешет азыр да
Көңүлүмдү көтөрүүчү кулундарым

Уулдарым, үмүттөрүм, канатым,
Силер менен анык алыс бараарым.
Элдин уулу болсо экен деп тилеймин,
Тилейм элдин керегине жараарын.

Пенделикти пейилиңерге жеңдирбей,
Пешене тер, ак эмгекти жерибей.
Адал иштеп, акыйкатчы болгула,
Ата-эненин жаман уулу дедирбей.

Силерсиңер, атаңарга зор бакты,
Өмүр берсин, бакыт берсин Кудайым.
Силерсиңер, апаңардын кубаты,
Жашагыла кайгы билбей ылайым.

Ата-энемден мен да бата алганмын,
Акыл-насаат сөздөрүнө канганмын.
Ата-энемден алган бата, каалоону
Уулдарым мен силерге каалаймын,
Жашагыла, кайгы билбей ылайым!

## КЕЛИНИМ БАКТЫГҮЛГӨ

Атың уйкаш, сыйлаган бир эжеме.
Алтынымсың келин эмес кызымсың.
Ак жолтой бол, айланайын, эркетай,
Көрүп катып койчу өңдүү тузумсуң.

Кызым жок деп арман кылып жүрчү
элем.
Мына бүгүн кыздуу болуп олтурам.
Сени апкелген уулум болсун жанында.
Мен бөксөмдү өзүң менен толтурам.

Атың жакшы, Бактыгүл деп угумдуу,
Өмүрлүү бол, алганыңдын жанында.
Ак бешикке бала бөлөп сүйкүмдүү,
Бактылуу бол! Бул өмүрдүн багында.

Уулум менин, Дурусбегим жолдошуң,
Экөөңдү тең бир Кудайым колдосун.
Ачык болуп, даңгыр болуп жолуңар,
Араңарда кайгы-капа болбосун!
Экөөндүү тең Манас атам колдосун!





## АЯЛ

Аял – эне, аял назик сүйгөн жар,
Аял – үйдүн жарык чачкан чырагы.
Аял – үйдө кажыбаган кыларман,
Аял үйдүн үзүлгөнүн улаары.

Аял барда үй бөлөнүп бакытка,
Күн сыяктуу кучагында жылыткан.
Балдары үчүн кайыл болуп баарына,
Балдары үчүн кайгысын да унуткан

Аял, деген – үч тамгадан куралган,
Үлбүрөгөн назик гүлдөй буралган.
Үй-бүлө деп кара жанын аябай,
Керек болсо күчтүү жанга айланган.

Баатыр төрөп, баатырга эне акылман,
Баарын камтып жүрөгүнө батырган.
Аял – назик, аял эне, асыл жар,
Аял – дүйнө аяр сырлар катылган.

Токтогул Сатылганов атындагы
Ош облустук китепкана
АБОНЕМЕНТ

Токтогул Сатылганов
атындагы
Ош облустук китепкана
ИНВ № 487874

## АМАНСЫҢБЫ, АТА-ЖУРТ!

Амансыңбы аска-зоолуу Ата-Журт!
Алыс жакта кызың жүрөт сагынып,
Буудай жыттуу талааларым жаткандыр,
Толкуп желге жашыл килем жамынып.

Көп жыл болду сенден алыс кеткеним,
Антсе дагы жүрөгүмдө турасың.
Сагындым го ак чокулуу тоолорду,
Асыл жерим, көздөн учкан турагым.

Коюунуңда атам менен апам бар,
Алыс-жакын туугандар да өзүңдө.
Карааныңдан кагылайын, Ата-журт,
Карааның бар карегимде, көзүмдө.

Кусалыктан куурап жүрөм сагынып,
Барам бир күн, сааты чыгып өзүңө.
Карааныңдан кагылайын, Ата-журт,
Карааның бар жүрөгүмдүн төрүндө.





## ЭҢСӨӨ

Керилген тоолор, келберсийт жери,
Боз үйлөр аппак, туулган жер деми.
Сары-Бээ жайлоом, кымыздын кени,
Сергиткен көңүл, айдарым жели.

Балдыркан терип, шүүдүрүм кечип,
Балалык сонун күндөрүм өткөн.
Бал кымыз ичип, бал каймак жегем,
Башайы гүлдүү жайлоодо өскөм.

Көк кашка тунук булактын суусу,
Кандырып суусун, какшатып тишти.
Калкымда жүрүп билбепмин баркың,
Калаада жүрүп хлор суу ичтим.

Ак шоола чачып сулуу таң аткан,
Апакем туруп түндүктү тарткан.
Аргымак токуп кымыздан ичип,
Жылкы айдоо үчүн атакем шашкан.

Ай толгон түндө ак чолмөк ойноп,
Булактын ыры сезимди козгоп.
Жомоктой болгон Сары-Бээ жайлоом,
Сагынып турам өзүңдү ойлоп.

## ӨЧПӨС СҮЙҮҮ

Сөз шурусун тизгим келди,
Сүйүүгө шек келтирбей.
Сезимдерди алоолонгон,
Ырга салып тизмектей.

Өткөн күндү элестетем,
Кайрыла албайм сагынып.
Ыйык туткан арзуум эле
Тумар кылган тагынып.

Өчпөй калган ал сезимден,
Өтпөс эч ким кабылбай.
Жүрөгүмдө сактап келем,
Жакшы көрүп жанымдай.

Сүйүү сырын билген болсоң,
Тоспо менин жолумдан.
Кимге жаздың? – деп сураба,
Сенде да бар бул арман.





## КҮТҮҮ

Жолуккан күндөн сен дедим.
Жолуксам дедим, дегдедим.
Жолуңду күндө карадым
Жол тартып, бирок келбедиң.

Алдырдым колдон бактымды,
Ашыкты менден таптыңбы?
Кайрылып турат канатым,
Жаңылып сага жаздымбы?

Махабат балын таттырдың,
Махабат менен мас кылдың.
Сүйүүгө ороп денемди,
Көңүлүм ачып шат кылдың.

Жоготуп алып бат эле,
Жомоктой күндөр жаз эле.
Бактылуу ошол күндөрүм,
Бакытка балкып наз эле.

Болбодук бирге түбөлүк,
Күндөрүм бүркөө түнөрүп.
Жолугаар күнүм бар бекен,
Сен үчүн бүттүм түгөнүп.

## АТА-ЖУРТ

Ата-Журт, кымбатымсың, жүрөгүмсүң,
Алыстан барам сага түнөгүмсүң.
Мен баскан жолдун учу сенден бүтөт,
Мен үчүн өмүр берген мүрөгүмсүң.

Ата-Журт, ыйыгымсың, карегимсиң,
Алдейлеп ата-энемдей өстүргөнсүң.
Жашоодо аба-суудай керегимсиң,
Алыстан сенден жүрүп көптү көрдүм.

Жүрөмүн иштеп-жашап Москвада,
Кремль жаныбызда күндө көрөм.
Улуу эл, улуу адамдар арасында,
Ойлонуп көңүлүмдү миңге бөлөм.

Онтобо, ооруба да, Ата-Журтум,
Ок атуу болбосунчу мекенимде.
Гүлдөсүн ар бир көчөң, ар бир бурчуң,
Жашасын элим менин бейпилдикте.





## ТУУЛГАН ЖЕРИМ

Туулган айлым, туулган жерим, мекеним,
Ыр дүйнөнүн берметтерин терейин.
Чаалыкканда булагына чайынып,
Чарчаганда кубат алып келейин.

Кара-Кулжа, бийик тоолуу мекеним,
Буркүт шаңшып түнөк кылган тоолоруң.
Алыс жерде мен өзүңдү сагындым,
Караныңдан кагылайын тоолорум.

«Биринчи май» менин сулуу айылым,
Бара албай, абдан сени сагындым.
Көздөн учат балалыгым өткөн жер,
Баруу үчүн келип турат камынгым.

Кара-Кулжам, барам бир күн сагынып,
Ага чейин ырга айлансын сагыныч.
Мага болгон үмүтүңдү актайын,
Өчпөгөн бир канаттуу ыр жазып.

## ЖҮРӨКТӨГҮ СЕЗИМ ЫЙЛАЙТ

Жымыңдашып жылдыздар көк бетинде,
Алтын алкак Ай нурун чачыратып.
Кыналыша басчубуз, Айлуу түндө,
Ай узатчу үйлөргө кошо каалгып.

Сен көрүнбөй калсаң мен сагынчумун.
Элесиңе сүйлөшүп таарынчумун.
Капысынан жолуксаң жолдорумдан,
Кадимкидей сүрдүгүп айбыкчумун.

Сен жанымда жогуңа ким күнөөлүү,
Сен да, азыр мен дагы үй-бүлөлүү.
Бизди бөлгөн айрылыш жолдор узак,
Антсе дагы сезимдер дүрбөлөңдүү.

Биз көрүшпөй калганга канча болду.
Ай алмашып, жыл өтүп, мезгил тозду.
Ажыраткан бул жолдор бирикпеди,
Арман менен кусага жүрөк толду.

Жүрөктө бир бекинген сезим ыйлайт,
Толкуп ташып ыр болуп турат кыйнап.
Өтсө дагы ортодон канча жылдар,
Өсүп чыккан гүл сымал мага сыйбайт.
Жүрөктө бир бекинген сезим ыйлайт.





## КЕЧИР МЕНИ

Сен мага келгениңде сезбептирмин,
Сүйүүдөн азап чегип турганыңды.
Бактымдын кимде экенин
билбептирмин,
Санаанын калдым терең кучагында.

Жашоомдун жакшы күнүн элес албай,
Көп күндүн бири катар өткөрүпмүн.
Тагдырдын татынакай бир үзүмүн,
Таалайым сенде экенин көрбөптүрмүн.

Сөзүңдү укпаптырмын, айтып турсаң,
Өзүңдү көрбөптүрмүн, карап турсаң.
Баалабай калган экем учурунда,
Баркыңды эми билип, туюп турам.

Эгерде кечире алсаң, кечир мени,
Эстебей коё албаймын эми сени.
Адамдар сезбейт тура учурунда,
Бакытын, дөөлөтүн да баарын деги,
Эми сен кечире алсаң кечир мени!

# ТУУЛГАН ЖЕР САГА АРНАП ЫР ЖАЗАМЫН

Туулган жер, сенден узап кеттим азыр,
Туурунан учуп чыккан кушка окшоп.
Талпынып, канат күүлөп барам бир күн,
Таарынбай тосуп алгын, шамал коштоп.

Тоо койну бирде кийип жашыл тонун,
Түрдөнүп гулдүү жоолук салынгандыр.
Түшүмдүү буудай башы желге ыргалып
Талаалар көк майсаңды жамынгандыр.

Чаң ызгыган айылымдын тар жолунда.
Чыт курсак балдар ойноп жол боюнда,
Чуру-чуу түшсө керек теребел да,
Чөп чабык башталгандыр тоо койнунда.

Мен өскөн бактуу айыл, жапыз мектеп,
Мезгили келип баары өзгөргөндүр,
Мээлжиген Ала-Тоолор көздөн учуп,
Мекеним, сага эч жер тең келбестир.

Мен азыр сур булуттуу Москванын,
Түнөргөн асманынын астындамын.
Төбөдөн тийген Күндүн табы да жок,
Туулган жер, мен өзүңдү сагынамын.





Туулган жер, мен өзүңдөн кубат алып,
Сагынганда тоо койнун, ыр жазамын.
Тагдыр жүгүн желкеден силкип таштап,
Сарсанаадан, кусадан арыламын.

## АЙЫЛДАГЫ БИР КҮН

Айыл ичин аралап басып жүрүп,
Абасынан дем алдым кере жутуп.
Алыстан сапар тартып келдим бүгүн,
Ата-энем, туугандарды медер тутуп.

Апакем ай, асылым кубангандан,
Алдым тосуп жүгүрүп ыйлап алган.
Ак чыныга суу куюп, үч түкүр деп,
Айландырды башыман улагадан.

Алыстан кызым келди ат арытып,
Атап союш соём деп бата тартып.
Алма бактын шагына коюн асып,
Атам жүрөт бычагын кайрап алып.

Атап алган балдарга таттууларым,
Алып чыгып, алдына койдум баарын.
Ананайын бир боорум, медерлерим,
Алымсынбай сумкамы карайт дагын.

Алым сурап айылдын кары-жашы,
Ак жоолугун башыма салып жатты.
Аксакалдар мага атап бата берди,
Аман-эсен болсун деп, алтын башы.

Айылдаштар көзгө сүйкүм көрүнүп,
Аксакалдар жүзүнөн нур төгүлүп.





Аргасыздан көзүмөн жаш кылгырды,
Ар биринин баркы тоодой билинип.

Атыр жыттуу гүлдөрдү жыттап алып,
Айланага көз салып суктанамын,
Айыл эли кеңпейил, жөпжөнөкөй,
Аларды ойлоп, түндө мен уктабадым.



## ЖАЙЛООДОГУ КЕРЕМЕТ

Айыл ичи кандай сонун,
Жайлоо андан керемет.
Желедеги жаш кулундар,
Үргүлөшөт мемиреп.

Айран-жуурат, сүт, каймагы,
Кымыз бышкан жеңелер.
Жыпар жыттуу гүлдөр жайнап,
Гүл жыттанат теребел.

Эт кайнаган чоң казанда,
Эт бышырган жаш жигит.
Эрте туруп таң заардан,
Жылкы айдап, жылкы ийрип.

Түйшүгүндөн ырахаттуу,
Каймак тарткан эжеке.
Жыргап турдум ушул күнү,
Жайлоодогу керемет.





## АЙЫЛЫМА БАРАТАМ

Ай менен тең жарышып,
Сапар алган убагым.
Айылымда көктөм жаз,
Күкүк үнүн угамын.

Көздөн учуп Ата-Журт
Кубанычта баратам.
Бир тууганга жолугуп
Буккан черди таратам.

Кагылайын, эл журтум,
Мен силерди сагындым.
Кучагымды кең жайып,
Көөдөнгө бек кысайын.

Атаке, санаа тартпаңыз,
Алыс жолдон келет деп.
Булут менен баратам,
Белегимди белендеп.

Күндө карап жолумду,
Күттүңбү, асыл апакем
Көздүн майын коротпоң,
Кирип барам азыр мен.

## ШААРДЫК КЫЗ

Суктанышат шаардык деп,
Көйнөгүмдү көрүшүп.
Шаар жөнүндө айтамын,
Ойлорумду бөлүшүп.

Синдилерим кызыгат,
Шиш такамды кийишип,
Аяштарым кеп кылат,
Шаардык кыз деп тийишип.

Апакем эле бушайман,
Кыска чачым көргөндө,
Эл-журт көрсө уят деп,
Көндүрөт мени өргөнгө.

Атакем угуп таң калат,
Интернеттин кабарын,
Айтып берем кызыктуу,
Азыркы заман талабын.

***

Тоолорунда жыланаңайлак изим калды,
Толукшуган балалык кезим калды,
Топ-таш ойноп секирип чарчабаган,
Табышмактуу кыялкеч сезим калды.





## АЛА-ТООНУН БАЛДАРЫБЫЗ

Ала-Тоонун балдарыбыз,
Тоо койнунда чоңойгон.
Атыр жыттуу абасынан,
Кере жутуп ойногон.

Балалык кез баёо мүнөз,
Өзөн бойлоп киринген.
Аруу таза ошол дүйнө,
Өткөн экен билинбей.

Жалбыракты жыйнап алып,
Сайма сайып гүлдөгөн,
Тикенекти ийне кылып,
Тири укмуштай түрдөгөн.

Жайлоодогу күндөрүбүз,
Ышкын терип чурулдап.
Тоо койнунда жыргаганбыз,
Кой кайтарып ыр ырдап.

Сагындык го ал күндөрдү,
Балалыкты жашыган.
Жайлоодогу тазалыкты
Жан-дүйнөгө батырган.

Азыр биздин балдар кандай,
Жайлоо жайын билеби.

Ышкын терип, кой кайтарып,
Жайлоолордо жүрөбү?

Интернет жок жайлоолордо,
Шаарга качат баардыгы.
Кагылайын, асыл жайлоом
Балдар быйыл бардыбы?

Кетким келип араң жүрөм,
Ызы-чуу көп калаада.
Балдарымды алып алып,
Барам бир күн камыга.

Тоого чыгам, бала кездей,
Өзөнүнө киринем.
Балдар менен ышкын терип,
Бала болуп биригем.

Таза абаңдан дем аламын,
Тазалыкка суктанып.
Коюнунда гүл төшөнүп,
Ай жамынып уктайбыз.







## АЛЫС КАЛГАН БАЛАЛЫК

Тунжурап турду үнсүз айлана да,
Унчукпай талаалар да мелтирешти.
Адырлар уктап жатат бир калыпта,
Тоолорум келберсишип, келгин дешти.

Асманды булут каптап, шамал согот,
Жер бети аппак шейшеп жамынышкан.
Ызгаары кыштын турат босогодо,
Жаш балдар чана сүйрөп жарышышкан.

Атамдар кыш камын жеп, мал иреттеп,
Жазга али бир топ бар деп чөбүн карайт.
Аттиң ай, алыс калган балалык күн,
Балдарды көрүп алып кеттим самап.

Ал айыл балалыктын айылы эле,
Саматып азыр жомок сезилет го.
Карачы, үшүбөстөн баратышат,
Чаналарын сүйрөп алып бийик жонго.

Канатын кагып учкан куш экен го,
Караанын үзүп кайра кайрылбаган.
Ызы-чуу түштү дароо теребелге,
Чана тээп кирген кезде тиги балдар.

## КАЙДА КАЛДЫ?

Өмүрдүн көктөмүнө сайма сайган,
Өмүрдүн күлгүн жазы кайда калды?
Өрт болуп жалындаган жаштык кезим,
Өттүбү кайрылбастан артта калды.

Топчудан куурчак жасап ойногон кез,
Токтоло элек мүнөздү эске салды.
Тоо суусун жыланайлак кечкен күндөр,
Тоо суусундай агылып артта калды.

Жалбырактан кийит жасап ойногонбуз,
Таштан тизип, үй жасап тоо бооруна.
Балалыктын ал кези кайтып келбес,
Калды го туулган жердин коюнунда.

Туулган жер коюнунда күндөр калды,
Балдай таттуу учурлары балалыктын.
Мезгилдин күлүктүгү азоо экен,
Балалык баардык күндөр артта калды.

Тоолорунда жыланайлак изим калды,
Толукшуган балалык кезим калды,
Топ-таш ойноп секирип, чарчабаган,
Табышмактууу кыялкеч сезим калды.





## БАК ИЧИНДЕ БААРЛАШУУ

Ойноок кез, балалык кез секелекпиз,
Кыздарбыз, али бойго жете элекпиз.
Бак ичинде калыптыр издерибиз,
Бактылуу ал күндөрдү сезбептирбиз.

Эртеден кечке чейин ушул бакта,
Селкинчекке келчү элек таң аткандан.
Бири кетсе, бири келип курбу кыздар,
Селкинчек бошочу эмес курбулардан.

Турчу эле селкинчек ал, кыл аркандан,
Билбеймин чоң даракка ким байлаган.
Бекем да, бийик болчу шамал шуулдап,
Биз тепсек, селкинчек да ырдап турган.

Азыр да айылыма келген сайын,
Кирбестен ушул бакка кете албаймын.
Баягы селкинчек жок, орду турат.
Дарактын кейийм көрүп картайганын.

Бак ичин араладым, басып жүрдүм,
Баарлаштым дарактардын баары менен.
Акырын шуудурашты башын ийип,
Айтышты, унутпайбыз дайым келсең.

Жашыл бак, унутпаймын эсим барда,
Жүрөктө сезим барда, кагуу барда.

Алтындай балалыгым сенде калган,
Атайын келип турам баарлашууга.

***

Дабасы жок дарттан эч арыла албай,
Дале сен деп жашап келемин, ээ.
Сага деген сезимдерди кулпулап,
Кур кыялдан арылуум керек эле.







## ТҮШҮМӨ КИРДИҢ НЕГЕ?

Түшүмө кирдиң неге,
Жаш селки жандап алып?
Түңүлсүн дедиң беле,
Дилиме бүлүк салып.

Жандаган селкиң сага
Каш кагып, кылыктанат.
Түшүмдө көрсөм дагы,
Жүрөгүм ыйлап турат.

Уйкусуз өттү түнүм,
Ушул түш уйку бербей,
Мендик деп жүрчү элем,
Башкага бергим келбей.

Сезимге бүлүк түшүп,
Жабыркап ыйлап турат.
Сен деген асыл ойлор,
Бир түштөн кыйрап турат.

Түн менен кетсин түшүм,
Кезикчи эртеңимде
Жолуңду тосом бүгүн,
Ишенем келээриңе.

## АРМАНДА КАЛГАН АК СҮЙҮҮ

*(жигит)*

Мүнөзүң катаал,
түшүнүп мени койбодуң.
Түшүмө кирчи,
Күн-түнү сени ойлодум.
Тагдырым тайкы,
таалайсыз жигит окшоймун,
күтүүдөн чарчап,
күйүттөн күйүп оңбодум.

Сүйүүдөн жабыр
тарткандар барбы менчелик.
Сүлдөрүм калды,
сүйөм деп койчу, дем берип.
Махабат улуу,
биринчи сүйүүм сен элең,
түшүнчү, жаным,
ишенчи мага, кол берип.

*(кыз)*

Сүйүүңдү сезбей,
күтпөпмүн сенден анчейин,
Балалык сүйүү
өтпөгөн менден кантейин.
Махабат улуу,
күйүтүң менен жеңбейсиң.





Көздөрүң муңдуу,
Мурда эле неге келбейсиң.

Баркыңды билбей,
баалабай жүрсөм кечиргин.
Суранам сенден,
жүрөктөн мени өчүргүн.
Сүйгөнүң чын,
а бирок менден кечиктиң.
Бактыңды тап,
Бактылуу жанга кезиккин.

*(жигит)*

Кабарың угуп,
жолуксам дедим бир ирет.
Кайчылаш жолдор
канткенде, качан биригет.
Өкүттө калып,
өмүрүм өтүп кетеби.
Арзыган жандын
арманын угуп, ким билет.

Саргарып күтүп,
сароору болдум азыр мен.
Суранам сенден,
суусатпай мага берчи дем.
Арманда калып,
ак сүйүү балын татпадым.
Аттиң арман,
ушундай дүйнө бири кем.

*(кыз)*

Түшүнүп турам
аргам жок азыр, кантейин.
Сүйүүңдү сыйлап,
өзүңө таазим этейин.
Арманың уктум,
ашыктык отун жак дебе.
Алганым бар,
арзуусун аттап кетпейин.

Кайчылаш жолдор
бирикпейт, эки айрылыш.
Жароокер жигит,
болбосун бизде жаңылыш.
Жолдобо салам,
жолумду тоспо, карайлап.
өзүңдө жашап,
өзүңдө калсын сагыныч.

*(кыз-жигит)*

Сүйүүнү даңктап,
өткөнчө өмүр ырдайлы.
Сүйүктүү жарга
кыянат такыр кылбайлы.
Махабат улуу,
жүрөктө таза сакталсын.
Адамда болот
айыккыс болгон бир кайгы.





## БҮЛӨСҮ БОЛДУМ БИРӨӨНҮН

Булбулдар таңшып ыр курап,
Булактын үнү шыңгырап.
Башымды жөлөп ийиниңе,
Бактылуу болгом бир убак.

Көңүлүм сүйүп алоолоп,
Көздөрүң күйүп жалындап.
Жолумду тоссоң жалооруп,
Сүйүүдөн жүзүм албырат.

Күнүндө мейли түнүндө,
Элесиң турчу эсимде.
Көрүнүп калсаң көчөдөн,
Күйгөнсүп ысып бүт дене.

Жүрөккө өчпөс из салып,
Жолубуз кетти бөлүнүп.
Жоодурай албай муңканып,
Көздөрдөн жамгыр төгүлүп.

Дарегим издеп келбедиң,
Арманда жашап жүрөмүн.
Тагдырым экен кантейин,
Бүлөсү болдум бирөөнүн.

## ҮМҮТ МЕНЕН КҮТҮП КЕЛЕМ

Кыш ызгаары өкүмүн сүргөн кезде,
Кыламыктап кар жааган ошол кечте.
Алгач ирет аппак кар күбө болгон,
Арзууң айтып жүзүмдөн сүйгөнүңдө.

Жаштык күндөр өттү го кайра келбес,
Мага келчү жолдоруң кайчылашты.
Кыш ызгаары канча ирет өкүм сүрүп,
Кыламыктап канча ирет карлар жаады.

Өкүмүнө тагдырдын башты ийип,
Өзүңдү мен адашып таппай калдым.
Үмүт менен, а бирок жолуң күтүп,
Канчалаган ак тондуу кышты атказдым.

Мына дагы кыш келди, сени эстетип,
Кыламыктап апаппак карлар жаады.
Үмүтүм ай, өчпөгөн сени күтүп,
Биз жолукчу жолдор не кайчылашты?





## АЗГЫРБАҢЫЗ АГАТАЙ

Кылгырып карабаңыз,
Кылыктуу жан эмесмин.
Сөздөрдү арнабаңыз,
Сүйүүгө зар эмесмин.

Көзүңүз алоолоп от,
Жүрөккө салбаңыз чок.
Ак сүйүү арнасаңыз.
Жан дүйнөм жабыркайт, ов.

Колумду кармабаңыз,
Азгырып жандабаңыз.
Кайдагы тунук сүйүү,
Калп эле алдабаңыз.

Кыска ойго алдырбайлы,
Кысынып жашынбайлы.
Унутсак алган жарды
Уят-ар кайда калды.
Күнөөлүүбүз кимибиз?

Бир адамда бир жүрөк,
Болот тура чынында.
Сүйбөгөндү сүйөм деш,
Чындыгында кыйында.

Жакшы көрөм мен сени,
А сенчи? – деп сурайсыз.
Жакшы сүйлөп койсо эле,
Жактырат деп турасыз.

Күлүп койсом жылмайып,
Күтөт го деп ойлобоң.
Үмүт отун тутантпай,
Үзүп эле койгон оң.

Ой учугун чыгарсам,
Оорубасын дилиңиз.
Көңүл туура келбесе,
Күнөөлүүбүз кимибиз?







## МАХАБАТ ЖАНА ТАБИГАТ

Ак сүйүүгө эң алгач,
Асмандагы Ай күбө.
Жымыңдаган жылдыздар,
Жардап турган ал түндө.

Күүгүм менен тең келип,
Кызыл гүлүң берчүсүң.
Кыналышып турганда,
Кызгалдагым дечүсүң.

Күлүп чыккан Күндөй биз,
Нур чачышып турчубуз.
Жаандан кийин көрүнгөн,
Асан-Үсөн болчубуз.

Чагылгандай чартылдап,
Чырдашчубуз көп эле.
Жаап өткөн жамгырдай,
Жазылчубуз бат эле.

Кара булуттай түнөрүп,
Кызганышып калчубуз.
Тарап кеткен булуттай,
Табышып кайра алчубуз.

Айың кепке калгыдай,
Ал кездерде ким элек?

Аппак кардай таптаза,
Ашык жандар биз элек.

Сел алгандай заматта,
Сезимдер калды тепселип.
Таштан-ташка урунуп,
Тагдырлар калды өкчөлүп.

Эки айрылыш жолдо биз,
Эрбейип өскөн тал болдук.
Эгиз жандай ээрчишпей,
Башка жанга жар болдук.







## КЕЛДИҢБИ ҮМҮТ ҮЗҮП КОЙГОН КЕЗДЕ

Кечигип келдиңби сен, жазым болуп,
Нур чачып, жан киргизип гүл багыма.
Мен сени күттүм эле көптөн бери,
Жоготуп алдым эле арман кыла,
Келдиңби, нуруң чачып гүл багыма.

Келдиңби, сени күтүп болгон кезде,
Кусалык жүрөгүмө толгон кезде,
Сездиңби, мен сактаган сезимдерди,
Келдиңби, үмүт үзүп койгон кезде,
Келдиңби, жазым болуп гүл багыма.

Келдиң сен мынча неге көп күттүрүп,
Саамайлар күмүш түскө кубулганда,
Жаштыкты өткөргөндө балдарыма,
Жазды мен өткөргөндө уул-кызыма,
Келдиң сен нуруң чачып гүл багыма.

Келдиң сен, кеч болсо да, нуруң чачып,
Келдиң сен, кеч болсо да жарпым жазып.
Эскерип турдук бүгүн жаз айылын,
Өтүптүр кайран күндөр, кайран жаштык.
Келдиң сен кеч, болсо да нуруң чачып.

## ӨРҮКЗАРДА АЙ ТӨГҮЛБӨЙ ТЫНЧ ТУРАТ

Жай саратан, түн да салкын, жанга жай,
Көк асманда калкып турчу алтын Ай.
Кол кармашып, өрүкзарды аралап
Басчу элек чоочун көзгө байкалбай.

Сен бар үчүн жашоо жыргал сезилип,
Ар бир кечте өрүкзардан кезигип.
Лира болуп ырга айланып кетчүбүз
Арасына аруу ырдын өрүлүп.

Жашоодо бар бирде утуп, утулмай
Сарсанаадан калдым такыр кутулбай.
Сары ооруга салган өзүң болдуңбу,
Жазылганбы тагдыр мага ушундай.

Жакшы ырлардын саптарында
калганбыз,
Суктанамын адамдарга армансыз.
Кеч жолуктук, күтүп алды өрүкзар,
Сезимдерди ал кездеги таппайбыз.

Шыңга бойлуу жаш жигиттин ордуна,
Токтоо жигит, отуз жашта, боз атчан.
Бакырaң көз арык кыздын ордуна,
Келин келди бир топ эле тотуккан.





Биз эле эмес өрүкзар да башкача,
Баягыдай Ай төгүлбөй, тынч турат.
Мен да өзгөрүп мурдагыдай албырбай,
Сен да турдуң, ойлуу тартып тунжурап.
Өрүкзар да Ай төгүлбөй тынч турат.



## САГА

Сагынуудан азап чегип келемин,
Санаа басып, кусалыктан эзилип.
Сезимдерим кирдедиби басынып,
Кайдан дагы калдым сага кезигип.

Сүйүү деген сезим тура белгисиз,
Билинбестен бийлеп алаар чырмалып.
Кутула албас болдум окшойт ойлордон,
Кусалыктан куурадым го кыйналып.

Сага деген таза сезим чектелди,
Билбейм ким, кантип жеңди, тепседи.
Үшүк урган гүлгө окшоп соолудум,
Үмүттөрүм урап түшүп жетпеди.







## КАЙЧЫЛАШ ЖОЛДОР

Толуп-ташып жүрөгүңөн от чачып,
Толкунданып сүйлөп жаттың сыр ачып.
Тагдырыма ыраазымын азыр да,
Таптым сени дедиң, жүзүң нур жанып.

Ошол минут бакыт сага сезилип,
Оо качанкы ак сүйүүңө кезигип.
Оорду толгус махабаттын майрамын,
Окуп жаттың көздөрүмөн тигилип.

Күлгүн курак өттү-кетти байкалбай,
Көңүлдөгү сагынычтар таркабай.
Кыялданып, жолугушаар күндү ойлоп,
Күдөр үзбөй күттүм дедиң, тажабай.

Акын болсом, ырга салып өзүңдү,
Жолболдунун Чолпонундай төкмөкмүн.
Аттиң дүйнө, талантым жок арманда,
Жүрөмүн деп, кусалыгың бөксөрттүң.

Ошол кезди мен да турдум сагынып,
Өткөн жылдар көз алдыма тартылып.
Ортобузга бүлүк салган болбосо,
Жолдорубуз кетмек эмес айрылып.
Жолдорубуз азыр эки айрылыш.

## ӨЧПӨГӨН МАХАБАТ

Кымбатым, эх! Көз карашың,
Көз алдымда элесиң,
Күдөрүмдү үзбөй сенден,
Күткөнүмдү сезбейсиң.

Синдиң менин кошунама,
Келин болуп келгени.
Жүрөктөгү эски жарам
Ырбап тынчтык бербеди.

Турган-турпат, күлгөндөрү,
Куюп сага койгондой.
Айтчы жаным, кандай кылам,
Кантип жүрөм ойлонбой.

Уктап жатып түшүмдө да
Атыңды айтып ойгоном.
Жүрөк булкуп ээ-жаа бербей,
Уйкум качып толгоном.

Кызганычтан алган жарым,
Кызганганын айтпайын,
Жаман көрүп жүрөт сени,
Жакшым менин, Айдайым.

Жүрөгүмдө жашайсың сен,
Кызганганда не кылмак.
Өчпөс менин махабатым,
Өмүр менен тең жашайт.





## КЕЧИККЕН МАХАБАТ

Жалындуу жигит кезим артта калып,
Жарымды, балдарымды унуткарып,
Жаш өтүп, элүү таяп калган кезде,
Жаңылдым, жаш келинди сүйүп калып.

Жолугуп кең Бишкек калаасында,
Жомоктой күндөр өттү арасында.
Кечиккен арзуу мени тушап алып,
Кыйналып жүрөм оттун санаасында.

Тагдырдын сыноосуна кабылдымбы?
А балким, махабатка малындымбы?
Аздектеп, аяр сылап эркелетээр,
Ага мен бакыт болуп табылдымбы?

А балким, таза жолдон адаштымбы?
Бирөөнүн алган жарын талаштымбы?
Айланып өз башыма келбесе экен,
Аялыма башка эркек жанаштыбы?

Түйшөлүп, көкүрөктү тепчип санаа,
Кызганычтан өрттөнүп күйдүм чала.
Кечиккен махабатың курусунчу,
Кемпирим күтүп алса болду мага,
Балдарым тосуп чыкса болду мага.

## БИЙ КЕРЕМЕТИ

Шаңга бөлөп залдын ичин,
Шаңдуу күүлөр жаңырат.
Жадыраган жаш селкисин,
Жигит бийге чакырат.

Кыналышкан кыз-жигиттер,
Кайгы эмне билбесин.
Жаш кезинде ойноп-күлүп,
Жаз гүлүндөй гүлдөсүн.

Үшкүрбөчү ойго батып,
Жүргүн курбум, бийлейли.
Чимирилип жаштыкты эстеп,
Биз да бүгүн гүлдөйлү.

Кыйылбачы,тартынбачы,
Керемет бий чакырат.
Күүлөр бийлеп сезимди бүт,
Ыргагына азгырат.

Кошулалы биз да бийге,
Жаштык кезди эстейли.
Жаштык өтсө күнөө кимде,
Бул күн да өтүп кетпейби.





Бийлеп жаткан кыз-жигиттер,
Биз да ошондой жаш элек.
Азыр деле жүрөктөр жаш,
Карылыкка жете элек,
Кел бийлейли!



## ЖАШТЫК

Оо, ал кезде биз жашпыз,
Алоолонгон ашыкпыз.
Сүйүү отуна күйгөнбүз,
Сүйүү балын татыппыз.

Кербезденип сыланып,
Кечте келсең ыйбагып.
Ата-энеме билгизбей,
Чыкчу элем уурданып.

Келме кезек келиптир,
Балдар бойго жетиптир.
Кербезденип сыланып,
Уулуң кечте кетиптир.

Унут болгон ал күндү,
Кызың бүгүн эскертти.
Уурданып кеч чыгып,
Жүзү албырып ал келди.

Бактыларын тапса деп,
Болом ичтен бушайман.
Уулум сендей мээнеткеч,
Кызым мендей кыларман.





Бактыларын тапса экен,
Түгөйлөрү жакса экен.
Бакыт берген адамга,
Сезим деген башка экен.



## ЭКӨӨБҮЗ

Тагдыр жолун бирге басып келебиз,
Турмуш жолун бирге улап экөөбүз.
Үй-бүлөлүк сырды бирге чечебиз,
Не болсо да баарын бирге көрөбүз.

Турмуш кээде сыноосунан өткөрсө,
Чогуу көрүп, кайгы-муңга чөкпөйбүз.
Ынтымакты ырыс-кешик чакырат,
Ынтымакта көкөлөйбүз, көктөйбүз.

Бул турмуштун бар тарабын тең көрүп,
Кайгысын да, кубанчын да тең бөлүп.
Биз экөөбүз уул-кыздарды бөпөлөп,
Өстүрөбүз, урмат-сыйын көрөлүк.

Биз тургузган үй-бүлөнүн байрагын,
Түбөлүк көккө желбирете беребиз.
Арабасын сүйрөп татаал турмуштун,
Ташкындаган деңиздеги кемебиз.

Таянарым, бул турмушта жөлөгүм,
Мен да сенин ишенээриң, өбөгүң.
Балдарымдын бактысына бар болгун,
Сен турганда карабасмын бөлөгүн.





## КОШ БОЛ, ЖАШТЫК

Кээде шаңга, кээде муңга бөлөнүп,
Кээде таштак, кээде кумда из калат.
Өмүр жолум өрмөктөлүп өрүлүп,
Өтүп барат кырктан ашып кыялап.

Жигиттерди бир кылчайтып караткан,
Күлгүн курак кош айтышып баратат.
Мезгил деген учуп өтүп шамалдай,
Жаштыгымды колдон алып талашат.

Он сегизге толуп турган кезимде,
Сүрдөттүргөн сүйүү келген сезимге.
Кыз жүрөгү назик жана кыялкеч,
Аруу дүйнө, ошол сонун мезгил, ээ.

Кайда калды, он сегиздин курагы,
Кылчаябы жыйырманын убагы.
Жыйырма беш күлгүн курак келеби,
Кайрылабы отуз жаштын турагы.

Келбейт экен, кетип барам кыялап,
Келбет-өңүм кербезденбей кыярат.
Өргө карай өтүп барат жаш курак,
Кайран бетти бырыш басып уялап.

Жашоо ушул, сыноосу көп табышмак.
Өттү күндөр, өтүп жатат арыштап.
Мезгил күчтүү, мезгил калыс турбайбы,
Коёт баарын өз ордуна аныктап,
Өттү күндөр, өтүп жатат арыштап.







## КАНИЕТ

Күүгүм кирсе, таң атат,
Күн нурларын таратат.
Турмуш деген кылдырап,
Түз жолунда баратат.

Бакыт деген эмне?
Байлыкпы өзү дегеле,
Барга топук кылайын,
Баары болбойт тез эле.

Сексен үчтө атам бар,
Сөзгө тунук, акылман.
Чайын берген апам бар,
Мээрим төккөн асыл жан.

Балдарым бар, байлыгым,
Бир туугандар кашымда.
Балдарымдын атасы,
Бирге жүрөт жанымда.

Кайын журтум, кайнагам,
Кайын эжем, жеңем бар.
Туугандардан айланам,
Аман болсун башыңар.

Улук сүйлөп Кудайдан,
Узун-туура кетпейин.

Кудайымдын бергенин,
Кут катары сезейин.

Туулган соң, өлөмүн,
Тирүү жүрсөм, бирөөмүн.
Бешенеме жазылган,
Буйруганын көрөмүн.





## АТАМ ТИККЕН ЧЫРПЫКТАР

Атам тиккен чырпыктар
Оо бир кезде жаш эле.
Мен да анда чырпыктай
Мен да ал кезде жаш элем.

Атам тиккен чырпыктар,
Чынар болуп жетилди.
Мен да өстүм, бой тартып,
Акыл токтоп, эс кирди.

Көрктөндүрүп айылды,
Көрк беришет теректер.
Кээ бирөөсүн кыйышты,
Керегине керектей.

Атам тиккен теректер
Айыл кылган чымчыктар.
Аяр кармап ар бирин,
Араладым унчукпай.

Теректерим турушат,
Саябандуу төгүлгөн.
Мен да азыр тотугуп,
Баягыдай көрүнбөйм.

Жылдар жылга алмашып,
Терек болгон чырпыктар.

Сайран куруп жатышат,
Сайрап түрлүү чымчыктар.

Атам тигип өстүргөн,
Саябандуу теректер.
Айылыма көрк берген,
Атакемден белек дейм.







***

Чогулуп карыялар кыш кечинде,
Чай ичип, узун сабак кеп салышчу.
Чайнекте суу шарактап меш үстүндө,
Чогу өчпөй темир мешке от жагылчу.

Касиеттүү кең пейилдүү карыялар,
Кут уюган насаат сөздөн айтышчу.
Балпайып баарыбызга бата берип,
Бир убакта үйлөрүнө кайтышчу.

Аталар айткан сөзгө кулак түрүп,
Кызыгып жомок болчу укканыбыз.
Айтылган ар бир сөзү насаат болуп,
Меш түбүндө мемиреп уктачубуз.

Ийиги колдон түшпөй чоң энелер,
Ийменип салтты сактап жүрүшкөн.
Чыныгы жоолуктары баштан түшпөй,
Чачтарына чачпа таккан күмүштөн.

Шырдакка түркүн-түстүү оймо салып,
Шыпшынып илгеркиден кеп салышчу,
Колхоздун ишин жасап тыным билбей,
Кызыл казан асчубуз деп калышчу.

Анда мен бала экемин, оюнкараак,
Андабай бул жашоонун ак-карасын.

Апамдын май токочун бурдап чайнап,
Акыл-насаат сөз болгон уккандарым.

Азыр мен бойго жетип, эне болуп,
Ак жүзүм күнгө күйүп, тотуккамын.
Санаалар, сагынычым ичке толуп,
Саясат, митинг болду бар укканым.

Бир ирет айылыма барып калып,
Атамын кайгырганын угуп калдым,
Атакем, оор үшкүрүп мындай деди:
«Айылда мен теңдүүлөр калбай калды».

Атамдын айткан сөзү ойго салып,
Атамды карап туруп, аяп алдым.
Акыйкат, бирге басып бирге жүргөн,
Аксакалдар калбаптыр, ойго баттым.

Айылыма көрк берген карыялар,
Төрүбүздүн береке куту эле.
Атакем алар менен бирге басып,
Той-топурда чогулуп жүрчү эле.

Оо дүйнө салып кеткен аваларым,
Унутпай, эстейт тура атам дайым.
Бейиште болгур, асыл туугандарым,
Сиздерге куран окуп турам дайым.

Калаанын жашоосунан чарчаганда,
Кол шилтеп, айылыма кетким келет.
Аяздуу кыштын кечин сагынганда,
Ак сакалдуу карыялар эске келет.





## «АРУУ ДҮЙНӨ»

Алыс жүрүп Ата-Журттан, мекенден,
Азып-тозгон таланттар да, чечендер.
«Аруу дүйнө» чыгармачыл жаштарбыз,
Аруу ырлар жаратсак деп белсенген.

Жаш таланттар жети дубан жайданбыз,
«Аруу дүйнө» клуб ачып алганбыз.
Адабият дүйнөсүнө байырлап,
Алыкулдун ырларына канганбыз.

Ыр окуйбуз, ырлар жазып келебиз,
Жан дүйнөгө жарык нурду себебиз.
Нөшөрлөнүп жамгыр болуп төгүлүп,
Жакшы ырларды элибизге беребиз.

Бут тосконго жеңилбейбиз, чөкпөйбүз,
Барга шүгүр, байлык топтоп өтпөйбүз.
Ырлар жазып, талант багып, такшалып,
Ынтымакта көкөлөйбүз, көктөйбүз.

## ЫРЛАР МЕНИН КАНАТЫМ

Мен кызымын, Ала-Тоолук элимдин,
Мен кызымын, кымыз жыттуу жеримдин.
Мекениме салым кошпой өтөмбү?
Мээнет кылбай, баркын билбей өмүрдүн.

Жолун улап акын агай, эжейдин
Жолоочудай ыр дүйнөнү кеземин.
Жаргак шымчан, жарма ичип калсам да,
Жакшы ыр жазып, берсем деймин эсесин.

Мен кызымын, таза дыйкан атанын,
Мен кызымын, асыл мүнөз апанын,
Мезгил менен тең жарышпай, чарчабай,
Мээнет кылбай жүргөнүмө капамын.

Ырды баалап, окуганга жазамын,
Ырларыма мээримдүү мен апамын.
Алын сурап ырларымдын койбосо,
Аттиң дүйнө, мен ошого капамын.

Кези келсе, бул дүйнөдөн кетемин,
Кеткичекти ыр дүйнөсүн кеземин.
Ыргактары кытыгылап сезимди,
Ырлар менин канатымдай сеземин.





## БАР БОЛГУЛА, КУРБУЛАР!

Көңүл дегдеп, көрүшүүгө шашылган,
Курбулардан көңүл калып, басынгам.
Дөөлөт күтүп, кулк-мүнөзү өзгөрүп,
«Дос» дегендер ушак сөздү ашырган.

Көзүмө жаш, көкүрөккө муң толуп,
Көңүл кирдеп, ойлономун зил болуп.
Кантем анан, таарынганда не пайда,
Кадырымы билбегенге тең болуп.

Башым аман, болуп турса ден-соолук,
Бошоң тартып чөкпөймүн мен кем болуп.
Көр пенделик кылса деле мейличи,
Курбуларым жашай берсин бар болуп!
Эки жүздүү кыял күтпөй, наз болуп!

## КУРБУМА

Көңүлүм чөгүп, ойлорум турат бөлүнүп,
Көөдөндө куса, кабырга сөөгүм сөгүлүп.
Айтпайын дегем, аргам жок турам эзилип,

Арзыган доско көзүмдүн жашы төгүлүп.

Ушакка уугуп, карайып жаны калыптыр,
Жамандык ойдун жалыны абдан жаныптыр.

Курулай жалаа, каргышы чексиз бүтпөгөн,

Курбумдан мындай күтпөгөн элем, күтпөгөн.

Капилет жерден каскак болуп кай бири,
Кашайтып мени кеткиси бардыр да бири.

Курбума окшоп карганып неге жинденем,

Көңүлү ооруп калбасын мендей зилдеген.

Курулай жалаа, каргышы чексиз бүтпөгөн,

Курбумдан мындай күтпөгөн элем, күтпөгөн.





## КЕЧИРИМДҮҮ БОЛГОН ЖАКШЫ

Кызарып чыккан Күндүн, батканы бар,
Күн өтсө, жаштык өтүп жатканы ал.
Өкүттө калып өмүр өтпөсө экен,
Оо, достор, сыйлашып, сырдашып кал.

Ушакка уугуп, сөзгө сынбагыла.
Урушуп, кыянаттык кылбагыла.
Тараза ташын коюп тең салмакта,
Тазага көөнү сүртпөй, ылгагыла.

Таарынбай, бир-бириңди кечиргиле,
Тойлордо, жакшылыкта кезиккиле.
Кеч болуп өмүр өтүп кете электе,
Оо, достор, кек сактабай келишкиле.

Таарынсам, мен силерди кечирдим, ээ,
Таарынбай силер дагы кечиргиле.
Көңүлгө кир сактабай, ак пейилден,
Кечиришип, сыйыңарды бөлүшкүлө.
Мурдагыдай сагынышып көрүшкүлө!

## ПЕНДЕЛЕР

Биз пенделер, түрдүү кыял күтөбүз.
Жокко чөгүп, байлык болсо балкыйбыз.
Убакыттын баркын билбей өтөбүз,
Ушак айтып, уу сөздөрдү арнайбыз.

Кыйын чыкса, көрө албайбыз бирөөнү,
Бут тособуз, бурмалайбыз, тарыйбыз.
Алга сүрөп, жакшы айтуунун ордуна
Ар сөздү айтып, артка тартып
наалыйбыз.

Көрө албастык, ичи тардык айынан
Оорутабыз бирөөлөрдүн көңүлүн.
Ачуу сөздөр азайтаарын билбейбиз,
Ак пейилдүү адамдардын өмүрүн.

Пенделербиз, пейлибизге жараша,
Мезгил баарын жайгаштырат ордуна.
Асыл мүнөз адамдарга рахмат,
Жөлөп-таяп чырак болгон жолуңа.





## ТОКТОГУЛДУН ТОКТОО МҮНӨЗ АКЫН КЫЗЫ

*Бактыгүл Сейитбековага*

Мезгил менен тең жарышып чарчабай,
Көксөгөн максаттарын ишке ашырып.
Ырларын, романын кантип жазган,
Күмүш саптуу курч калем чыйыр салып.

Поэзия ааламында талыкпастан,
Кара сөздүн каймактарын калпыган.
Проза, драматургияда эриш-аркак,
Көп кырдуу таланты бар ташкындаган.

Токтогулдун токтоо мүнөз акын кызы,
Руханий байлыгын ачып берди,
Акындын калеминен тамган ырлар,
Эл оозуна алынып, арыш керди.

Эжеке, курчуй берсин калемиңиз,
Жаратып чыгарманын күчтүү алпын.
Бергенден али көп го, берээриңиз
Көп жакшы чыгарманы күтөт калкың.

## КУТТУКТОО

*Абдиламит агайга*

Байлык топтоп чиренгенди мыш кылган,
Билими күчтүү, ою терең агай бар.
Манчыркабай максат койгон алдыга,
Маанайы жарык Абдиламит агай ал.

Кайратына канат бүтүп сабалап,
Эли үчүн жасап келет далалат.
Кыргызстанга кошкон чоң салымы,
Көп тармактуу журнал болуп саналат.

Алгач ирет болуп кыргыз тарыхта,
Сайма кагаз журнал чыккан жарыкка.
Жети дубан «Жетигенди» окушат,
Атак-даңкы кетти азыр алыска.

Кыргыз тилдүү журнал бети көбөйүп,
Эки жылда өсүп-өнүп көгөрүп.
Алты миңди чапчып барат нускасы,
Жылдан жылга сый-урматка бөлөнүп.

Окурмандар жан дүйнөсүн тазартып,
Көөнөрбөгөн сөз байлыгын алышсын.
«Жетигендин» узун болуп өмүрү,
Кылымдарга атын сактап калышсын.





Эки жылдык маарекеси кут болуп,
«Жетигендин» окурманы көп болсун.
Манчыркабай максат койгон алдыга,
Абдиламит агай дайым бар болсун!



## МЕХАНИКА-МАТЕМАТИКА ИЛИМДЕРИНИН КАНДИДАТЫ

*Абдыганы Шакировго*

Орто бойлуу, терең ой,
Сабаттуу, сүрдүү агай деп.
Кеп кылып канча кыз-келин,
Сүрдөгөн чыгаар, азап жеп.

Кылгырып карап, кылыктуу,
Көз жашын көбү төккөндүр.
Көрмөксөн болуп жүгүрткөн,
Керилген жаштык өткөндүр.

Жериңиз Ноокат, көк жайык,
Жаштыктын доорун сүрдүңүз.
Жаш мугалими айылдын,
Чок салып кимге жүрдүңүз?

Илимдин казып кудугун,
Математиканы чактыңыз.
Маңкайган сулуу женемди
Кай жерден, кантип таптыңыз?

Убакыт өтүп зымырап,
Узантып уул-кыз таптыңыз.
Алганыңыз жарашып,
Ардактуу болсун тактыңыз.





Кандидат биздин агайга,
Илимий кызмат жарашат.
Жетектеп коомдук уюмду,
Жакшы иштерди жаратат.

Канатын жайып Москва,
Калкалап турсун дайыма.
Жаштарга берип тарбия,
Кондуруң билим багына.

–Устаттан өтүп шакирти,
Узунга кетсин атыңыз.
Таза иштеп, так сүйлөп,
Түбөлүк калсын даңкыңыз.

Элүү жаш экен, эр ортон,
Эсебин бүгүн бердиңиз.
Эл ичинде көп жашап,
Эсен-соо, аман жүрүңүз.

Кут болуп 50 жашыңыз!
Жүз белести ашыңыз.
Ишкер инсан эле деп,
Кылымга калсын атыңыз.

## ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВГО

Кыргызды бүт ааламга тааныткансыз.
Кыргыздан чыккан чыгаан
даанышмансыз.

Кыргызды кыргыз дешет Чыңгыз десе,
Ойчулсуз, ордо курган талантыңыз.

Калемден опол тоодой эмгек жасап,
Каратып бүт дүйнөнү дүңгүрөткөн.
Кан Манас чыккан жерден Чыңгыз
чыккан,

Кан Манас сындуу жашап Чыңгыз
өткөн.

Манастай, адабият майданында.
Манастай, даңкы тарап бүт ааламга.
Оопасыз бул дүйнөгө бир жаралган,
Ооматты арттыргансыз кыргыздарга.

Ак тилек үмүттөрү артта калды,
Айтматов токсон жашын жандырбады.
Торколуу сексен жаштын тоюн күтпөй,
А бирок, бүт ааламда аты калды.





## ЭЛЕСИҢИЗДЕР АР ДАЙЫМ БИЗ МЕНЕН!

*Сооронбай уулу Апи авамын, Жапар кызы Айимча чоң апамын, Апи уулу Орозбек инимин жаркын элестерине арнаймын.*

Калаадан барып калып айылыма,
Кирбестен кете албадым авамкына.
Ээнсиреп ээсин жоктоп, үйү турат,
Эзилип зээним кейип, ыйладым, аа.

Айланып, там артына өттүм басып,
Тал-терек шуудураашты кайгы тартып.
Баягы биз ойноочу бактын ичи,
Кунары качкан, бир түп жаңгак калып.

Апи авам, дүйнө салган сексен ашып,
Эмгекчил, чыйрак болчу чапчаң басып.
Иниси келин алган ошол күнү,
Кошумча кошуп келген, каалоо айтып.

Маанайы жоктой авам, шашып кетти,
Келээрмин куда-сөөктөр кетсе деди.
Арадан аз убакыт өтүп-өтпөй,
Авамды ажал тооруп алып кетти.

Апи авам ооруп төшөк тарткан да жок,
Эч кимге эч бир сырын айткан да жок.

Кемпири түшкө кирип чакырганбы,
Кайрылып тойдон даам таткан да жок.

Оо арман, муунум бошоп ыйлап турам,
Шум ажал уулун дагы алып тынган.
Орозбек отуз бештин суусун ичпей,
Аскадан учуп кетип болду курман.

Бир кезде ырыскы-кут толуп турган,
Небере жытын искеп жентек кылган.
Бактылуу, очор-бачар үй эле го,
Көөлөнгөн тандыр урап, очок калган.

Дүпүйүп көлөкөсүн кенен жайып,
Жалгыз түп жаңгак турат мөмө алып.
Небере келсе жейт го аны чагып,
Келини төркүнүнө кеткен алып.

Эшиги ачылбастан кулпу турат,
Чөп баскан чырмоок чалып буттан
жыгат.

Мейиз мүнөз чоң апам тирүү болсо,
Бозортпой, кел кызым деп, тосуп
чыкмак.

Үчөөнү жоктоп алып ыйладым, аа,
Көрүнө жөн жаткырбай кыйнадым, аа.
Жүзүмө бата тарттым кобуранып,
Жазыксыз пенделерге дуба кыла.





## ЖЕЗДЕМ, ПАЗЫЛ УУЛУ ТАЛАНТБЕКТИН ЖАРКЫН ЭЛЕСИНЕ АРНАЙМЫН

Тилегиңиз даңгыр жолду бассам деген,
Той кылып, жакшы бата алсам деген.
Келиндердин сунган чайын чайпап
ичип,
Неберемдин жытын искеп жатсам
деген.

Ак тилекти ажаан ажал алып кетти,
Оорудан арык денең алсыз кетти.
Аялуу Аскат уулуң ойлой берип,
Арбашкан алсыз денең кайып кетти.

Жашоонун жакшысына тойбой кеттиң,
Кырк беш жаштын кырынан ашпай
кеттиң.
Жашооңду өз нугуна салган кезде,
Жездеке, кантип баарын таштап кеттиң.

Ооруну таш боор ажал жеңип кетти,
Элеси эсибизде калып кетти.
Бир сырдуу, дили жоомарт жездекем,
ай,
Арманың ичиңизде калып кетти.

Арман да, арман эмей эмне деймин,
Алпештеп баккан уулуң Мирланбегиң,
Эр жетип, келин алып келээр кезде,
Жүгүнтүп келин жүзүн көрбөй кеттиң.

Той кылып чачыласын чачпай кеттиң,
Эжемди жаштайынан таштап кеттиң.
Ээрчишип той-тойлой турган кезде,
Жездеке, кантип эле такыр өчтүң.

Арга жок, жаткан жериң жайлуу болсун,
Арбагың балдарыңды колдоп турсун.
Жашоонун жалганынан кете бердиң,
Чын жашоо берсин сизге бейиш төрүн.







## АРМАНДУУ СҮЙҮҮ

Ай чырай, жүзү сүйкүм аруу эле.
Асыл жан, махабатка башын ийген.
Жаңы эле жүрөгүнө сүйүү түнөп,
Жагалданып ак сүйүүнүн балын сезген.

Сүйүүдөн башы айланып, көзү туман,
Жигитке баш кошууга колун сунган,
Жер бетин сүйүү каптап, тойлор жакын,
Ойлору көк деңизде чабак урган.

Антташып асыл ойдон ордо курган,
Айжаркын жүздө күлкү ойноп турган.
Ааламга канат сермеп, көккө учуп,
Акыркы экзаменде той деп турган.

Дүйнөнүн түбү жыртык, сырлары көп,
Тагдырын каалагандай калчап кетти.
Чоң жолдо ажал келип кагылышып,
Арман күн! Боз уланды жалмап кетти.

Айрылуу, аза күтүү жүрөк эзген,
Жаш селки ишене албай жашын төккөн.
Боз топурак жамынып жер алдында,
Боз улан түбөлүккө уйку кезген.

Жаз келди, жамгыр төгүп нөшөрлөгөн,
Жаш селки ишене албай жашын төккөн.
Муңканат санаа басып, өзөгү өрт,
Кумарлуу көздөрүнөн жалын өчкөн.

## АЙКӨЛ МАНАСТЫН ЭСТЕЛИГИНДЕ

Достук багы карагайлар, арчалар,
Бак аралап басып жүрөт канча жан.
Бабам Манас Аккуласын алкынтып,
Турат мына, карап турат канчалар.

Таазим кылып, Москвада айкелге,
Бүгүн келдик атайылап чогулуп.
Ишембилик өткөрүү үчүн бул жерге,
Куран окуп атабызга олтуруп.

Тазаладык Манас ата айкелин,
Жака-белин чаңдан, кирден арылтып.
Биз кыргызбыз, Ала-Тоодон келгенбиз,
Деп тургансыйт, Манас ата шаңкайып.

Кең Москва Россия жүрөгү,
Сейил бакта Манас ата айкели.
Билбегенге бир баатырдын элеси,
Билгендерге элибизге кут келди.

Колдой берсин, айкөл ата арбагы,
Өзү курап кеткен кыргыз элимди.
Айлананды биз тазалап кетүү үчүн,
Урпактарың бүгүн сага келишти.





## КЛАССТАШТАР

Эстен кетпейт окуучулук күндөрүм,
Эстей берем жаштыгымдын түндөрүн.
Эске түшөт классташтар, курбулар,
Ар бириңдин сүйлөгөнүң, күлгөнүң.

Андан бери жылдар өттү закымдап,
Классташтар, жашоодобуз жыл улап.
Ал кездеги балдар, азыр аталар,
Ал кездеги кыздарыбыз – апалар.

Бириң шаарда, кызматчысың
зыңкыйган,
Бириң болсо таза айыл адамы.
Кенен пейил дасторконун кең жайып,
Келиштире бизди сыйлап узатчу.

Бир класста чурулдаган биз азыр,
Бирибизден-бирибизди кыя албай.
Сый-урматты тартуулайбыз ортого,
Түгөтө албай балалыкты жылмая.

Классташтар, бар болгула ар дайым,
Бакыт, өмүр, ден соолукту каалаймын.
Күлүп турсун мен сагынган жүзүңөр,
Жайнап турсун жамалыңар ар дайым.

## ӨМҮР

Өмүр өтөт билинбестен уурданып,
Жылдан-жылга да бир жашка өйдөлөп.
Балдар өсөт, чоңойду деп кубанып,
Кубанычыбыз чеги жоктой өңдөнөт.

Өмүр өзү кандай бакыт, керемет,
Өмүрдү да баалап, баркын сезе бил.
Өмүр берсин, андан башка не керек,
Өткөн күндү кайрый албай келемин.

Өмүр барда, сен жакшысың, жашсың да,
Ар бир мүнөт, ар бир саатты пайдалан.
Улуу акындар сезип, билип айткандай,
Кайра артына акпас улуу дайрадай.







## БУУЛУККАН ОЙЛОР

Асмандан агылып булут учат,
Ак жамгыр нөшөрлөп куюп турат.
Ай-аалам түнөрүңкү кайгы тартып,
Ансайын жан дүйнөм да ыйлап турат.

Ак жаандай нөшөр болуп төгүлө албай,
Арманда жүрөмүнбү сөгүлө албай.
Аттиң ай, ушул бойдон өтөмүнбү,
Асмандан бир жарк этип көрүнө албай.



## КАРЫСЫ БАРДЫН – ЫРЫСЫ БАР

Колуна кармап чылымды,
Орустун сулуу кыздары
Көрүнгөн жерде чегишсе,
Туурады кыргыз кыздары.

Баратса жолдо өбүшүп,
Улуу элдин улан-кыздары.
Аны да туура көрүшүп,
Туурады кыргыз кыздары.

Орус тууган эзелтен,
Экиден ашык төрөбөйт.
Туурай берсек ушинтип,
Качан кыргыз көбөйөт.

Улуу элдин сулуу жерине,
Укмуш эле суктанам.
Карыларын көргөндө,
Кадимкидей кыйналам.

Көзүн карап өстүргөн,
Уулу кетет бөлүнүп,
Жалгыз үйдө жалгыз жан,
Кабыргасы сөгүлүп.

Сый көрөрдө төргө өтүп,
Кароосу жок кыйналган.





Жалгыз калып үйүндө,
Небере жок сыйлаган.

Баардыгын туура көрсө да,
Карысын сыйлаар болсун жан.
Карысы бар кадырлуу,
Кыргызымдан айланам.



## ТЕКЕБЕР КЫЗДЫН АРМАНЫ

Сүйүү оту жанбай калды,
Жүрөктө арман тагы,
Жаштыктын шарапаты,
Жагымсыз эстейт аны.

Басканы майдаланып,
Текебер тың кыз болду.
Теңсинтпей теңтуштарын,
Желпинип жеңил ойлуу.

Бой салбай улутташка,
Башкага жүзүн бурду.
Улутун ойго салбай,
Ойсоктоп күлүп турду.

Эртеңи бүдөмүк жол,
Бүгүнкү шаңдуу күндөр.
Жигиттен жигит тандап,
Кумарлуу канча түндөр.

Бул күндүн эртеңи бар.
Кан жутуп, кайгы басты.
Ким эле атасы? – деп,
Кашайып таппай калды.

Тажиги таскак салды,
Өзбеги «Ой дат»деди.





Азеги албаймын деп,
Алданып жолдо калды.

Сүйгөндөр суу сыяктуу,
Кармалбай агып кетти.
Из салган арык сымал,
Наристе калып кетти.

Сүйүү оту жанбай калды,
Жүрөктө арман тагы,
Жаштыктын шарапаты,
Жагымсыз эстейт аны.



## ЗАР ДҮЙНӨ

Базарда балдар жүрөт, бардар жүрөт,
Базарда бакылдаган кардар жүрөт,
Боздотуп баян тартып, мундуу ырдап,
Боз чалган кара көзүн жандар жүрөт.

Базарда баян тартып, муңдуу ырдап,
Көзү азиз ушул жигит кайыр сурайт.
Жанында жетелеген жаш келин бар,
Кара көз айнек кийген, таягы бар.

Кудайым жанды берип жаратасың,
Ар кимдин ырыскысын таратасың.
Булардын ырыскысы базардабы,
Бактысы колундагы баяндабы?

Жүрөгүм сыздап кетти буларды аяп,
Баяны бир муңканып, жигит ырдайт.
Рысбай ырларынан ырдап турду,
Өткөн да, кеткендер да турду тыңшап.

Аттиң ай, таланты зор адам экен,
Ырларын угуп жатты элдер нечен.
Ырдаса болмок экен сахнада эле,
Себеби үнү ушунча мукам экен.

А бирок,бизде барбы боорукерлик,
Азизге жол көрсөтөөр жардам берип.





Мекеним бирок бизде гүлдөп турат,
Каардуулук, көрө албастык,
кайдыгерлик.

Зар дүйнө болот тура, бар дүйнөдө,
Бирөөнө зор дүйнө да, кор дүйнө да.
Зарлар бар зар болушкан жарыктыкка,
Көрлөр бар, бар турушуп жарыктыкта.



## ЗАМАНА

Эгемендик алды ыйык мекеним,
Эркин болдук, көз каранды болбостон.
Канча жылдап курган завод, дүкөндөр,
Бир заматта тонолушуп жок болгон.

Короо-короо койлор жатчу сарайлар,
Үйүр-үйүр жылкы батчу сарайлар,
Тонналаган сүт берүүчү фермалар,
Бири калбай ушул күндө таланган.

Ылаңдашып мал кырылды бул күндө,
Курт-кумурска, чегиртке көп түшүмдө.
Малчы ыйласа, мал догдурлар керек
деп,
Дыйкан ыйлайт, дары издеп түшүмгө.

Бул замана кайда бизди алпарат,
Кыргыз кыздар жер кездик го талаалап.
Эгемендик элди кууду алыска,
Азыр баары космоско да бара алат.

Космос калды, биздин кыздар жетпеген,
Баарын жасап, максат үчүн беттеген.
Олтурушат элди ойлобос төбөлдөр,
Кыргызымдын ырыскысын жеп-ичкен.





Жап-жаш кыздар, келиндер да, апалар,
Оор жүктү аркалашып алыста.
Мекен үчүн салымдарын кошушат,
Үйлөрүнө акча салып табышса.

Бул замана кыйынчылык апкелди,
Кыргызымдын кыздарына жөнөкөй.
Жапырт кеткен жаштары бар айыл көп,
Калган эмес карылардан бөлөктөр.



## СУР ЗАМАНА СЕН ОҢОЛООР БЕКЕНСИҢ

### *Мансапкорлор*

Заман деп заманга салба сөздү,
Заманды бузуп жаткан чондор өзү.
Араандай алкымдарын ачып коюп,
Апсыгып жутса дагы тойбойт көзү.

Арасында болсо дагы ак иштеген,
Көбү чыгат алардан өзүм деген.
Бюрократ, мансапкор, мафиялар,
Билинбестен өзү эле чыга келген.

Көчөлөрдө көпөлөк кыз көбөйүптүр,
Кантип аны тыйсак деп күпүлдөшөт.
Кечкиргенде көпөлөктү жандап алып,
Көңүлдөшү өзү эле болуп коёт.

Саунага саксайтып алып келет,
Чөнтөгүндө болгонун кагып берет.
Элдин жүгүн аркалап кыйраткансып,
Эс алганы дачасына алып кетет.

Алтын шуру, иймекти алып берет,
Аялынын көңүлүн таап келет.
Аста басып керилген ал сулуусу,
Ал көпөлөк күндөштөрүн сезбейт,
билбейт.





## БИЛБЕЙТ ДЕБЕ

Кеп кылбай, ушак сөзгө болуп калыс,
Капилет салтты бузсам мени түшүн.
Калыпмын каада-салттан такыр алыс,
Калаанын жашоосуна көнүп бүгүн.

Өзгөрүп, кыял күтүп калды дебе,
Өзүмдү ыңгайсыз сезип улам.
Өмүрдүн жарым жашы шаарда өтүп,
Өгөйдөй өз элимде болуп турам.

Эзелтен ата-бабам сактап келген,
Эскирбеген үрп-адат, каада-салтын.
Энелер, жеңелерим айтып турса,
Эски дебей, жасайын билип баркын.

Куда күтүп, кубанып той бергенде,
Кудаларым кийитке таарынбасын.
Каада-салтты билбейт деп сынай карап,
Кудай урган экен деп сөз кылбасын.

## ТОЙГО НЕГЕ КЕЛИШЕТ

Той, майрамда стакандар кагышып,
Тос көтөрүп жылуу сөздөр айтылат.
Арак, вино, шилекейлер чачырап,
Арстан болуп бирин-бири качырат.

Ак суудан «кылт-кылт» жутуп
кылыктанып,
Апакай сулуу келин ылжып күлөт.
Жинди суу ичке кирип жиниктирип,
Улуудан уят кетип, сөгүп жүрөт.

Дасторкон үстү толо, түркүн тамак,
Көңүлдү көтөрүүчү ар кыл шарап.
Сый-урмат, союшуң да татыбайт го,
Бербесең коногуңа вино, арак.

Чер жазып ырдап-бийлеп төгүлүшөт,
Каалоо айтып, жакыныңдай көрүнүшөт.
Ак тойдо арам ойлор ишке ашып,
Таарыныч, уруш менен бөлүнүшөт.

Адам көңүлү гүлдөй назик, ийилчээк,
Ушакчылар аны кайдан билишмек.
Угуп-укпай имиштерди таркатып,
Үй ээсинен издей баштайт илинчээк.
Андай болсо тойго неге келишет?





## ЖАҢЫ ЖЫЛ

Жер жамалы аппак кымкап жамынып,
Жан дүйнөгө жарык нурлар жагылып.
Жаркын максат, ой-тилектер айтылып,
Жаңы жылым кирип келди камынып.

Эски жылга өмүр барат жалгашып,
Жашыбыз да улам жылат алмашып.
Эске албай өткөн күнгө кайгырбай,
Жаңы жылды тосолу кол кармашып.

Мезгил өтсүн, махабаттар өчпөсүн,
Мекенибиз гүлдөп өссүн, көктөсүн,
Жаратканым, жакшылыгың ыроолоп,
Жаңы жылда маанайыңар чөкпөсүн.

Жакшы сөздөн жан дүйнөбүз кубансын,
Ар бир үйдө күлкү-шаттык улансын.
Жер жүзүндө өкүм сүрүп тынч жашоо,
Ар пенденин өмүр жашы узарсын.

Жакшылыктын жарчысы бол жаңы
жыл,
Жан дүйнөбүз тазарсынчы дагы бир.
Жаратканым, колдоп бүгүн пендеңди,
Жакшы тилек, максаттарын кабыл кыл!

## АЛТЫН КҮЗ

Күз келди талааларга, айланага,
Күкүктөп өзөн толбой,ташкындабай.
Жапжашыл талааларды, алп тоолорду,
Алтын күз аймалаган, бүт саргайткан.

Күз келди, талаа-түзгө, дыйкандарга,
Береке кызыл толгон кырмандарда.
Айылда ар бир үйдө молчулук бар.
Алтын күз адамдарды мейманчыла.

Куттуу үйдө,тойлор болуп көңүлдүү да,
Көк бөрү тартып өтөт өнөрлүүлөр.
Ат чабыш, айыл ичи майрам турат.
Кыргыздын салттары бар көрөңгөлүү.

Алтын күз толуп ташып байып турган,
Адамдар ак дасторкон жайып турган.
Ак төөнүн карды мына жарылды деп,
Атакем кубанычтан жанып турган.

Артынган жакшылыкты, токчулукту,
Алтын күз унуттурат жокчулукту.
Алтын күз айылыма кош келипсиң,
Арттырып берекени, молчулукту.

Кайыңдар сары жоолук салынышып,
Талаалар сары килем жамынышып.
Дарактар сары түстүү көйнөк кийип,
Тургансыйт кышты күтүп камынышып.





## НООРУЗ

Жаз башаты март келип,
Кыштын мизин кайтарган,
Жер бетине көк чыгып,
Жаңылануу башталган.

Тосуп бүгүн кадыр түн,
От боюнан жылбайлы.
Дасторконду толтуруп,
Таң атканча ырдайлы.

Арпа-буудай мол болуп,
Сок билектер тынбасын.
Көжө кайнап казанда
Келген элдер ууртасын.

Сүмөлөккө ниет кылып,
Жети мөмө таштагын,
Узун өмүр бакыт таап,
Тилегиңер акталсын.

Күн менен түн теңелген,
Жаңы жылды тосолу.
Нооруз жазгы майрамды,
Ыр-күү менен коштойлу.

# ЫЙЛАГЫМ ЭЛЕ КЕЛЕТ

Мектеп жашына чейин кандай гана ыйлаак кыз элем. Апамды шак бастыра койбой ээрчип, артынан калчу эмесмин.

Жетпей калсам, чоң жолдун ортосуна олтуруп алып жер тепкилеп, озондоп ыйлаар элем. «Майрамбай агай келе жатат», дегенде тызылдап үйдү көздөй каччумун. Майрамбай агай демекчи, ал киши мени көргөндө эле, «мына ыйлаак кызды куржунума салып кетейин» деп, жүрөгүмүн үшүн алчу. Аны биздин үйдөгүлөр агай дешчү. Мага агай эмес эле, коркунучтуу киши көрүнчү. Өзүм коркуп араң жүрсөм, эки күндүн биринде эле атам үйгө ээрчитип келе берээр эле. Кийин билсем, агай кол эмгек сабагынан берет экен. Атам да уста киши болгондуктан экөөнүн иши бир тура.

Ошондогу Майрамбай агайдын куржуну, балалык көз караштагы коркунуч уялаган күн экен. Андан бери канча жылдар өттү, канча суулар агылды. Мен эми чоңойдум, Кудайдан башка эч кимден коркпоймун, эч кимден качпаймын деп ойлоор элем. Жок, мен терең жаңылган экемин.

Жашоонун шары, элдин агымы менен агылып Москвага келип, кой дээр кожосу жок, күнүгө дискотекадан чыкпай мас





болуп жүргөн улан-кыздардын тагдырынан корком. Жалган жашоого бир жаралып, жашоонун даамын татпай, эненин ууз сүтүн бир оозанбай таштандыга ташталып, итмышыкка жем болуп, никесиз төрөлгөн наристелердин көз жашы, убалынан корком. Ичкиликке берилип, метролордун айланасында таштанды пиволорду чогултуп ичип жүргөн кыргыз жигиттерибиздин өңалеттен кеткен абалынан корком. Булар менин жан дүйнөмдү оорутуп келишет.

Ооба, биздин балалык кез тизмекке тизгендей бир нукта өтпөдүбү. Барды да, жокту да билчү эмеспиз. «Уят өлүмдөн катуу» – дегенди ар бирибиз жүрөгүбүзгө бекем сактап, ата-энелерибиздин жүзүн жер каратыштан уялып, коркчу элек.

Турмушуң түшкүр, «Бирине бар заман, бирине тар заман» – дегендей заман өзгөрдү, жашоо өзгөрдү. Антейин десең ошол союз мезгилинде тарбия алган чоң эле аялдар, эркектер «заман ушул» деп күнөөнү заманга коюп, тири укмуштуудай жоруктарды жасап жатышпайбы, тообо! Аялдар баласындай балдардын, эркектер апасындай аялдардын коюнунда жуурулушуп жатканын көрсөң, төбө чачың тик турат. Азыркы эле көргөн жагымсыз «сюжет» көз алдынан кетпей, көөнүң азып, көпкө чейин өзүңдү жаман сезесиң. Байкуш баштары айланган жаш балдар... Ата-энелери кандай гана жак-

шы тилек, жакшы үмүт менен күтүшөт. А булар, жашоо ушул экен деп, жалган жашоодо күнөөгө батып, арам жолдо шайтан аялдарга азгырылып, алданып жүрүшсө, бушайман жебегенде кантесиң. Дээринде жок кыздарыбыз чылымды чычайта кармап, азербайжан, өзүбек, тажиктин эркектерин ээрчишип, жаман атты болгондору аз келгенсип, кыргыздын канчалаган таза, абийирдүү кыздарынын жүзүнө көө сүртүп жатышпайбы. Кара тамактын айынан мусулман экенин унутуп, дилин, тилин сатышып башка динге кирип кеткен көрпенделер жүрүшөт. Раматылык «Союз» менен кошо абийир, намыс, уят-сый кошо кеткенби? Тээ баягы балалык кездеги Майрамбай агайдын куржуну, бактылуу балалыктан калган көз ирмемдер тура көрсө. Азырчы? Азыр агайдын куржу-нуна эмес, замандын түбү жыртык, сырлары көп куржунуна түшүп алып чыга албай далбастап ыйлагым келет. Кимге айтып даттанып ыйлаймын. Баары эле өз көздөрү менен көрүп-туюп турбайбы. Жан дүйнөм жанчылып ыйлагым эле келет.





## МЕҢДИ МАМАЗАИРОВА

*(маек)*

Адабий жанрдын баардык түрүн бирдей алып кеткен, көп кырдуу калемгер, КР маданиятына эмгек синирген ишмер, акын, драматург Меңди Мамазаирова.

– Сиз кан күйүп турган апаат жылдарда жарык дүйнөгө келип, балалыгыңыз катаал жылдарга туш келген тура?

– Ооба, мен согуш мезгилинде туулуп, балалыгым согуштан кийинки мезгилге туш келди. Албетте каатчылык, жокчулук кездерди көрдүк. Ошентсе да, биз өтө эле кыйналып, каржалган жокпуз. Ошол кездеги элдин баардык нерсеге каниет кылуучулугуна, ток пейилдигине азыркы жашымда карап алып таң калам да. Көкүрөк тоймоюнча, адамдын жан дүйнөсү тоймоюнча, алтын куюп койсоң да көз тойбойт. Биз жокчулукка, жамак көйнөк кийгенибизге, жылаңайлак жүргөнүбүзгө, машак тергенибизге капа болгон эмеспиз. Колхоздун машагын терип, бош болгон убакта ырдап, бийлечүбүз. Азыркыдай видео, телевизор, деген болгон эмес. Ал

кезде ар бир үйдө эле эмес, кээ бир үйдө патефон деген болот эле. Патефондон Мыскал Өмүркановanын, Атай Огонбаевдин ырларын угуп, ырларына сугарылдык. Ошолордой болсок деп, улуу залкарларды туурап ырдап, чоңойдук.

**– Студенттик күндөрдөн бир элес?**

– Биздин мезгилде билимге умтулуучулук чоң болгон. Мекенди сүйүү, жерди сүйүү, китеп окуу деген күчтүү талаптар болгон. Көчө таптап жүргөнгө убактыбыз болчу эмес. Бош боло калсак эле, диспут уюштуруп, чоң акын-жазуучуларды чакырып жолугушуу өткөрүп, ар бир чыгармаларын кандай жазылгандарына чейин талкуулап турар элек. Ошондо жаңыдан лауреат болуп турган Чыңгыз Айтматов, Аалы Токомбаевдер менен да жолугушуу өткөргөнбүз. Биздин филология факультеттин студенттери абдан күчтүү болчубуз. Бектур Исаков деген менин курсташым, эл мугалими болуп, Манас таануу боюнча, Манас сабактары боюнча көп китептерди жазып, тарбия боюнча эң алдыга чыкты. Шералы Жапаров деген – мыкты доктор наук болду. Ошолордун арасынан беш-алтообуз ыр жазып, чыгарма жазып калчубуз. Турмуш-шартка жараша, баары айылга кетип, колдору бошобой калды. Мен жазуучулукту улантып калдым.





– Кыргыздын улуу, көйкашка акыны Жолон Мамытов экөөңүздөрдү чыгармачылыктагы жолдоруңуздар бириктиргенби?

– Жолон агайыңар менен кыз алышып, кыз беришкен майда уругубуз бир. Му уруусунун балдарыбыз. Бири-бирибиз менен өтө жакындан тааныш болбосок да, мурдатан эле таанычубуз. Негизинен, экөөбүздү поэзия табыштырды деп жүрөбүз. Мындай эки чыгармачыл жубайлардын бирге болушу сейрек кездешет. Ошон үчүн ал бул дүйнөдөн эрте кетип калды окшойт. Бири-бирибизди колдоп, түшүнүүчүлүк менен эриш-аркак болуп жашадык.

– Жолон Мамытовдун:

«Эл уйкуда жаткан кезде түш көрүп,
биз дүйнөнүн сарсанаасын желкеге,
артып алып тердеп, тепчип күчтөнүп,
бой урабыз ой чендебес нерсеге», –

деген, жалпы эле акындардын ой-толгоосун жазган жакшы саптары бар эмеспи.

А сиздер, бир түндө, бир мезгилде отуруп алып ыр жазчу белеңиздер?

– Жок, ал эрте менен жазат эле. Бештен кийин уктабай, чыгармаларын, макалаларын, эмне жаза турган иштери болсо, сегиз-тогузга

чейин жазып, анан жумушка кетет эле. А мен, тескерисинче түнү жазар элем. Саат он эки-бирден кийин жазып бешке чейин, дем алыш күндөрү болсо, таң атканча отурат элем. Экөөбүздүн иштөө мөөнөтүбүз эки башка болгон. Мен аябай кызганчаак иштер элем. Мага эч ким жолтоо болбош керек. Ал иштеп отурганда, секин кирип, тартмайдан ручка, же кандайдыр керектүү нерсени алып чыгып кетсең да, көңүл бурбай, баш оту менен берилип иштечү. Кимибиздин чыгармабыз жаралса, бири бирибизге кеңеш берип сындап, акыл-насаатчы да болчубуз.

Жакпай калган жери болсо, бул жериң мындай, тиги жериң тигиндей болуп калыптыр деп, чындыкты калыс айтат элек. Менин купулума толмоюнча чыгарчу эмес. «Сен окуп карап чык, сен филологсуң, сен тилчи катары кыйынсың да» – деп, тамашалап калаар эле. А мен «Кел, мына повестти, же пьесаны бир сыйра окуп берчи, сен кантсе да саясаттын чордонунда жүрөт эмессиңби» – деп калаар элем. Анткени, 1983-жылы «Кеч күздө» деген повестим чыгып жатканда, мени советтик солдатты мародёрство менен занимать этиргенсиң деп ЦКага чакыртышкан. Бул деген бирөөлөрдүн көрө албастыгы, мага карата душмандыгы болгон. Ошондо, жанагы солдат жөнүндөгү чыгармадан эки эле бетти айрып туруп, алдыларына алпарып





таштап койдум. Ошол жерден окуп алып, анан мени чакырып жатпайбы. Ошондо мен айттым: «Сиз эгерде повестти толук окуп чыккан болсоңуз, сиз экөөбүз бул жерде мандай-тескей отурмак эмеспиз» – дедим. «Анда мейли редакция өзү чечсин» деп, издательствого, өздөрүнүн редколлегиясына койгон. Алар оң жагына чечип, мен өзүм жазганыма туруп, ошентип чыгып кеткемин. Ошондон улам, коркуп калсам керек, Жолон агайыңарга повесттеримди каратып тураар элем.

«Күнүң чыгып баратса, батырууга шашылат, күнүң батып баратса, дос болууга айыгат» деген агайыңардын саптары бар. Анысыңарындай, көрө албастык, баардык учурда болуп келген. Боло берет.

– «Биз акындар ойдогуну арийне,
түз айтабыз жымсалдабай, кууланбай.
Бизге андыктан күтүү кыйын мамиле,
Доско достой, туугандарга туугандай».

– дейт, агай. Улуу таланттын кыял-жоругу кандай эле?

– Табийгат деген ушундай берешен экен, Жолондой, Турардай, Табылды Мукановдой таланттарды кез-кезде жаратат. Элүү жылда, жүз жылда бир кайсы бир улутка жаратып коёт экен. Жолон менен

Турар бир мезгилде кубалашып келип, кубалашып кеткендей сезим калтырды мага. Жолон менен Турардын достугу, чыгармачылыгы бир мезгилде болуп, жакын достор эле. Булар адамзаттын акыны болуп кала берди. Жолон ак көңүл, март болгон. Чыгармачылыгында да ошондой сөздөрдү марттык менен колдонду.

– Сиздин биринчи чыгармаңыз кайсы жылдары жарык көргөн жана кандай сезимдерге бөлөнгөнсүз?

– Балалык кезде китебим, мектебим деген ырларды жазчу элек. Негизи, төртүнчү класстан баштап ыр жаздым. Тогузунчу класста «Ленин жолу» деген гезитке жарыкка чыкты. Ошону менен катар мектеп партасынан эле аңгемелерим гезитке чыга баштады. Олуттуураагы 1963-жылы «Ала Тоо» журналына «Самат, мен сени издеп келдим» деген аңгемем чыкты. Ошондон баштап чыгармачылыкка катуу баш койдум. «Ала-Тоо» журналы бирден-бир адабий журнал эле. Ага чоң жазуучулар да кезекке турчу. Ошол мезгилде Төлөгөн Касымбеков редактор экен, окуп көрүп эле, «сенин аңгемең чыйрак экен, басабыз» деп басты. Анда 1963-жыл болсо, кайрадан 1983-жылы Шатман Садыбакасов деген редактор «Кеч





күздө» деген повестимди жактырып, ошол кичи бастырды жыйырма жылдан кийин.

– «Турумтай» романыңыздагы согуштун каарын тарткан Турумтай эненин образын кайдан, кимден алгансыз?

– Бул образды таэнемден, кайын энемден, апамдан, мен көргөн түтүмдүү, кайраттуу кыргыз энелерден алгамын. Согуш мезгилинде бала төрөп, ошолорду кандай башкарганын, келинди кандай башкаргандыгын, түтүмдүүлүгүн, адамгерчилигин көрдүм. Дегеле кыргыз энелердин кайраткердигине, эрдигине тан бердим. Кан күйгөн согушка эрлер кетип, ал эми энелер тылда калып, тылда аялзатынын жасаган эрдигине эч нерсе тең келбесин билдим. Ошон үчүн мен согуш мезгилиндеги энелердин образын түзсөм деп ниет кылып, тилеп жүрүп, Турумтайдын образын түздүм. Турумтай деген ошондой аял болгон экен. Анын Асан, Үсөн деген эгиз балдары да согуштан келбей калган экен. Мен билчү эмесмин, мага кайнагам айтып берчү. Мен ошол аялды көрсөттүм.

– Сиз кыргыз элине драматург катары да таанымалсыз. Драматургия жанрына кантип аралашып калдыңыз?

– Ошто жалгыз өзбек драма театры бар эле, мектепте окуп жүргөнүбүздө өзбекчени түшүнбөсөк деле театрга алып барышчу. Ошентип отуруп театр менен эрте таанышып калдым. Кийин борбордо университетте окуп жүргөндө ар бир жаңы спектаклди калтырбай көрөр элем. Мени кызыктырган Бексултан Жакиевдин чыгармалары болду. Театрга болгон сүйүү пайда болду да, «эмне үчүн мен жазбашым керек, мен дагы жазып көрөм» деп пьеаса жазып баштадым. Албетте, биринчи жазгандарым жакпай, тытып ыргыткандарым да болду. Ошол мезгилде Маданият министрлиги жагынан көп актылуу пьеасага конкурс жарыяланып калды.

Биринчи жолу «Наристеге арналган хризантема» деп ат коюп, девизин «Хризантема» деп жөнөтсөм, үчүнчү орунду алыптыр. Ошентсе да биринчи, экинчи орунду алгандардын бири да койулбай меники коюлду. «Аппак аял, Айдай кыз», же «Бахустун ак көйнөгү» драмамда ичкилик жөнүндө маселе курч көтөрүлдү. «Кымгуут түшкөн бир кечте» трагедиялуу спектаклди эл укмуштудай кабыл алышты. «Бедел» аттуу драмам коюлду. Жакында «Үй камагы» аттуу драмамды бүттүм. Дагы көптөгөн чыгармаларым куржунда жатат. Каражат керек да, драма деген, бул өзгөчө





жанр. Бардык эле кишинин колунан келе бербейт. Эки кишинин диалогу аркылуу гана образдар ачылат. Драмада чеберчилик керек.

– Үй-бүлө өзүнчө кичинекей мамлекет деп коюшат эмеспи, өзүңүздүн мамлекетиңиз жөнүндө сөздү уласак?

– Жолон экөөбүз үч уул, бир кыздуу болдук. Балдарыбыздын баары эле биздин жолубузду жолдошту. Уулдарыбыз кино режиссор болушту. Кызыбыз художник-модальер. Өзү бычып, өзү тигет. Ырды жакшы жазат. Улан деген кичинекей уулубуз да режиссор эле, ал каза болуп калды.

– Эже, жетимишке чыктым десеңиз, көпчүлүгү эле ишене бербеси турган иш. Бетиңизге, өзүңүзгө кандай кам көрөсүз?

– Өзгөчөлөнүп деле кам көрбөймүн. Жай турмуштабы, чыгармачылыктабы, жаным тынбаган, эмгекчилмин. Бирөөлөргө көрө албастык кылып, кимдир бирөөлөргө кара санатайлык кылбаймын, бирөөлөр менен жаман айтышып, жүрөгүмү оорутпаймын. Дары-дармекти ичпеймин. Кээ бир замандаштар «жаш көрүнөсүз, жаштыкты кантип сактап жүрөсүз» деп суроо салып

калышат. Мен, «карыганга убакыт жок, жумуш көп» деп калам.

– Жетимиш жылдык кутман курагыңыз кут болсун!

## КОҢУР-ЖАЗДЫН АКЫН КЫЗЫ

*Меңди Мамазаировага*

Жан дүйнөңүз ырлар менен ширелип,
Жамалыңыз жайнап турган жансыз го.
Жетимишке келсеңиз да керилип,
Жап-жаш эле, кырк беш жаштай барсыз
го.

Сыры эмнеде? Ак-Буурабы себепчи,
Аккан суугa нур жүзүңүз чайылган.
Көңур-Жаздын жанып турган жылдызы,
Аруулукту алдыңызбы айылдан?

Кыз-келиндер сизден алып кенешти,
Сиздей сулуу, сиздей жап-жаш
болсокпу,
Сиз жазуучу, сиз акынсыз теңдешсиз,
Кешигиңизден ууртап-татып койсокпу.

Ак батаңыз бериң бизге аябай,
Акыл-насаат сөзүңүзгө каналы.
Курсагы ток, санаасы жок баладай,
Көкүрөккө кыттай куюп алалы.





## «КЫРГЫЗ БИРИМДИГИ» КООМУНУН ЖЕТЕКЧИСИ АБДЫГАНЫ ШАКИРОВ

*(маек)*

*«Эй, Россия, Россия бир боор энем!*
*Мен өңдүү тоо кушуна койнуң кенен!*
*Чын сөздү туура айтуудан таймана*
*албайм,*
*Биз элбиз, биз кишибиз сени менен»!*

– деп убагында улуу акын Алыкул Осмоновдун жазган ыры мына бүгүнкү заманга да дал келип турат.

Чыны менен эле, атагы ааламга тараган, абалтадан бери дүйнө жүзүндөгү элдерди суктандырган керемет Москва калаасы канчалаган адамдарга кучагын кенен ачып, эбегейсиз бакыт нурун чачып, өз койнуна батырып келет. Дал ушул калаада, Ноокат районуна караштуу Көк-Жар совхозунун Нарай айылынын кулуну Абдыганы Шакиров Абжалилович да эмгектенип, жашап келет. Бул инсан жөнүндө жердештерибиздин көбү эле биле бербесе керек. Абдыганы Абжалилович Нарай айылындагы мектепти 1980-жылы бүтүрүп, Фрунзе шаарында КМУда механика-математика факультетине тапшырып,

аны 1985-жылы бүтүргөн. Алгачкы кадамын Көк-Жар мектебинде математика мугалими болуп баштаган. 1986-жылы Фрунзедеги Илимдер академиясындагы Математика институтуна инженер, 1987-жылы Ломоносов университетинде стажер болуп иштеген. 1990-жылы аталган университеттин механика-математика кафедрасынын күндүзгү бөлүмүнүн аспирантурасына тапшырып, 1994-жылы бүтүргөн. 1997- жылы кандидаттык диссертациясын жактаган. Азыркы учурда ушул эле университеттин механика-математика факультетинде илимий кызматкер болуп эмгектенет. 2008-жылдан бери «Кыргыз Биримдиги» коомдук уюмду жетектеп, эмгек мигранттарына колдоо көрсөтүп, студенттерге материалдык жардам берип келет.

– Абдыганы Абжалилович, «Кыргыз Биримдиги» коому кайсы жылдары түзүлгөн жана кандай жумуштарды алып барасыздар?

– Биз мурда аспирантурада окуп жүргөндө деле кыргызстандыктар чогулуп турчубуз. Союз бузулгандан кийин көп нерселер өзгөрдү. Ошого байланыштуу, эмгек мигранттар келе баштады. 2000-жылы болгону жыйырма миңдей болсо, бүгүнкү күндө биздин эсебибиз боюнча





үч жүз элүү, төрт жүз миңге барып калды. Ошол себептен биригели, бири-бирибизге каралашалы деген максатта, 2001-жылы Москвадагы аксакалдар баш болуп, «Кыргыз Биримдиги» деп аталган коомдук уюмду түзгөнбүз. 2001-жылы Эгенберди Мырзабеков жетекчи болуп шайланып, көп иштерди жасады. 2005-жылы Акылбек Мураталиев деген жигитибиз жетекчи болуп жакшы иштерди жасады. Мен 2008-жылдан бери жетекчилик милдетти аркалап, бүгүнкү күнгө чейин жетектеп келе жатам.

– Москва аймагында төрт жүз миңдей кыргыз жарандары эмгектенет деп жатпайсызбы, ошол эмгек мигранттарына кабарларды жеткирип, өз убагында жардам берүүгө мүмкүнчүлүгүңүздөр барбы?

– Коомдун өзүнүн уставы бар. Ошол уставдын негизинде иш алып барабыз, атап айтсак,

– юридикалык жардам;
– жумуш орундарын таап берүү;
– кыйынчылыкка учурап калаган жердештерибизге көмөк көрсөтүү;
– улуттук майрамдарды өткөрүү;
– студенттерге материалдык жардам көрсөтүү:

Биздин уюм түзүлгөндөн бери кыргызстандыктарга жардам берип келатабыз. Жылда спорттук оюндарды уюштуруп, өзүбүздүн кыргыз күрөшү боюнча мелдештерди өткөрүп турабыз. Жакында эле, 12-июнда Россия күнүнө карата Москва шаарында СССР таркагандан бери биринчи жолу уюштурулган Улуттук коомчулук жана жердештердин 1-Спартакиадасына катыша алышты. Спорттун он түрү боюнча өткөн бул мелдеште, волейбол боюнча тренер Мухтар Жантөрөев жетектеген команда, эки байгелүү орунду камсыз кылышып, акчалай сыйлыктарга, мактоо баракчаларына татыктуу болушту. Ушул спартакиадага активдүү катышкан жигиттерге жана волейбол боюнча тренерибиз Мухтар Жантөрөевге ыраазычылык билдирем. Буйруса, келерки жылы өтө турган мелдешке алдын ала жакшы даярдыктарды көрөбүз деген пландарыбыз бар.

– «Коомдор бар, бирок эмне иш кылып жатканын билбейбиз» дегендерди угуп калабыз, сыртта жүргөн эмгек мигранттары көп кайрылышабы, сиздердин коом тууралуу билгендер көп элеби?

– Москвадагы кыргыз диаспорасы дей турган болсок, көптөн бери жашап келаткан кыргыз жарандары, кыргыздын аксакалдары,





биздин коомдук уюмдун мүчөлөрү колдон келишинче элге жайылтып, ушундай уюм бар деген таризде иш-чараларды уюштуруп турабыз. Экинчи коомдук уюм – 2006-жылы пайда болгон, алгачкы коомдук уюм катары бизди көпчүлүк эл билишет. Уюмдарды билбегендер да көп. Анткени алар эмгек мигранттары болуп жатпайбы. Алар бүгүн Москвада, эртең Самарада, иш шартына карап ыңгайлуу жактарга жылып кетип жатышат. Акыркы жылдарда ушундай гезиттердин көбөйүшү кыргыздардын биригүүсүнө аябай чоң таасир кылып жатат. Тууган-туушкан, ага - ини болуп катташпасак, башка жол жок эле. Жердештерибизге маалымат жеткирүү боюнча силердин салымыңар чоң болуп жатат. Төрт жүз миң мигрант – бул орто бир областтын калкы.Ошончо калк үчүн он эле киши эмес, жүз киши кызмат кылса да көрүнбөйт экен, анын үстүнө коомдук уюмга өз эрки менен жардам берип, өз эрки менен катышып, өз демилгеси менен жардам бериши керек.

– Сөздү сиздин кесибиңиз боюнча уласак. Кыргызстандан Москвага билим алабыз деп келген студенттердин саны да жылдан-жылга көбөйүп жатса керек.

– Москванын өзүндө эле миңге жакын студенттер бар. Бул жерде бүтүрүүчүлөрдүн кечеси болду. «Мекенчил-Жаш» гезитинин

башкы редактору Темирлан уюштуруп, элүүгө жакын бүтүрүүчү келди. Алардын 95 пайызы Кыргызстанга кетип иштейбиз дегени кубандырды.

– Абитуриенттер үчүн жеңилдиктер барбы?

– Кыргызстандан бүтүп келген АКСЕЛСтин балы менен ЖОЖго тапшыра алышат. Москвадагы окуу жайларга, Кыргызстандын паспорту менен ушул жердин студенттери сыяктуу эле тапшырса болот. Бул деген эки мамлекеттин ортосундагы кызматташтыктын жогорулап баратканын түшүндүрөт. Мектепти бүткөн жаштар бул жакка иштегени эмес, окуганы келишсе жакшы болмок.

– Москвада иштеп жүрүшкөн жаштар тууралуу оюңуз?

– Башка коңушу мамлекеттерге караганда, биздин жаштардын билими жогорураак, бардык нерсени тез үйрөнөбүз. Жаштарга жеткириш үчүн гезиттер көп иштеш керек.

– Алтындай убактыңызды бөлүп, маек куруп бергениңизге чоң рахмат. Эмгегиңиздин үзүрүн көрүп, эл адамы болуп жүрө бериңиз!





## «КАРАЙЛАБА, КАН МАНАСТЫН УРПАГЫ» КИТЕБИНИН АВТОРУ

*(маек)*

– «Элине кызмат кылып чарчабаган,
Эмгекчил эже, сизди угайынчы.
Соболду берип бүгүн кабыргадан,
Туулуп-өскөн жериңизди сурайынчы»?

– Жакшы болот, мен өзүм мал киндиктүү Нарын жергесинин Ак-Талаа районундагы нур элинин кызымын. Байыркы умай энелердин улап келген учугун, уuздук дагы жагым бар. Эң негизгиси, ошол Ак-Талаа районунда чоңоюп-өстүм. Орто мектепти аяктагандан кийин, Фрунзедеги Кыргыз мамлекеттик университетинин журналистика факультетин бүтүрдүм. Ошондон бери ар кайсы тармакта иштеп келе жатам. Алгачкы эмгек жолумду «Кыял» өндүрүштүк бирикмесинде кол өнөрчүлүк боюнча иштеп баштадым. 1989-жылы Кыргыз тили коому түзүлүп, раматылык Камбаралы Бобулов Кыргыз тили коомунун президенти болуп, кыргыз тилин кабыл алды дегенде, жерге-сууга батпай сүйүнүп. Кыргыз тили коомуна барып иштеймин деп ниет кылып, ошол жерге барып иштеп калдым. Андан кийин Кыргыз радиосунда

иштедим. Бул жерде иштегениме жыйырма үч жылга аяк басыптыр. Кыргыз тил боюнча «Мекен», «Эл-жер», улут боюнча «Мен кыргызмын», «Бейпил түн», – деген уктурууларды даярдап келатам.

«Нарындын таза суусун ичкен, эже,
Көңүлдү тээ алыска буралычы,
Бактылуу балалык кез кайда калды,
Бал тилдүү күндөн маек куралычы».

– Балалык деген баарыбыздын эле кайталангыс бактылуу күндөрүбүздүн бири. Тээ бийик көз жеткис мейкиндикте калып калган бир ыйык нерсе экен. Мен балалыгымды абдан бактылуу турмушта өткөздүм. Касиеттүү ыйык жерлерде, жайлоолордо чоң ата, чоң энемин колунда, эрке кызы болуп чоңойдум. Чоң атам санжырачы киши болгон. Чоң атамын санжырасын угуп, чоң энемин тиккен кийимдерин көрүп, уздугун үйрөндүм. Чоң энем чачымды беш көкүл кылып өрүп берээр эле. Алардын берген тарбиясы ушул күнгө чейин эч эсимен чыкпай, ошолор дайым коштоп келет. Анткени, касиеттүү нерселер балалыктын башатында болот экен.Ошол башат мага бир уюткулуу күндөрдү сактап тургандай көз алдымда.

Ушул күнгө чейин ыр жаздырган дем-кубат, ошол балалык күндөрдөгү тарбия,





ошондогу таасир деп ойлоймун. Ырларымда деле айылымды эстеп аткандагы чоң ата, чоң энемди эстеп аткандагы жакшы учурлар, бир элестетүү менен жазылган ырлар, баары ошол балалыктан калган сүртүмдөр.

Таасирленип ыр жазып, калем кармап,
Талант баккан өнөрлүү жан экенсиз.
Тага журттан, же өз атадан калды бекен,
Таза сөзгө, таза ырга бай экенсиз?

– Мен өзүм айтылуу Тайлак баатырдын тукумдарынан болом. Чоң атам өзү санжырача киши болгон дебедимби. Ошол Тайлак атабыздын баскан өмүрүн, калмактарды кууп чыгып, Кокон хандыгынан жерин бошотуп алгандыгы жөнүндө абдан кызыктуу санжыраларды айтып берчүү. Ошол чоң атам айткан санжыралар кулагымда калды. Кудай буйруса, Тайлак атам жөнүндө чыгарма жазсам деп ойлоп жүрөм. Эң негизгиси, мага талант чоң атаман ооду.

– «Карайлаба кан Манастын урпагы»,
Кызыгуусун арттырды окурмандын.
Кандай максат ой менен жазылды экен,
Китебиңиз тез эл оозуна алынды?

– Бул ырлар акыркы беш жыл ичинде кыргыз элинин кыйынчылыгы башынан

ашып турган кезде жазылды. «Жер жарылса акындын жүрөгүнөн өтөт» демекчи, акыркы беш-алты жыл менин жүрөгүмдөн катуу өттү. Болбосо, мен сүйүүнүн акыны болчумун. Сүйүү ырларын ырдайын деп келгемин. Жай турмушту ырдайын деп келгемин. Рахаттуу турмушта жырғайын деп келгемин. Бирок, тилекке каршы, баары бир заматта аңтарылып, Акаевдин бийлиги, Бакиевдин бийлиги болуп эл кыйналып турганда, жер кыйналып турганда, менин жан дүйнөмдөн да кыйналган ырлар чыккан. Ошон үчүн саясий, атуулдук, мекенчил, улутчул улуу дүйнөнү камтыган уюткулуу ырларга айланды да. Ушул ырлар жүрүп отуруп, менин «Карайлаба кан Манастын урпагы» деген жыйнагымдын түзүлүшүнө алып келди. «Коомдо жашап туруп коомдон сырткары калууга мүмкүн эмес» дегендей, кайсы коомдо жашап турсаң, ошол коомдо болуп жаткан окуялар жүрөгүңдөн өтүп турат экен. Ошон үчүн менин жан дүйнөмдөн да патриоттук (патриот дегенди мен «баатыр от» деп которуп алгамын. Г.Ш.) ырлар жаралып кетти. «Карайлаба кан Манастын урпагы» аттуу ыр китебимдин жетимиш пайызы атуулдук ырлардан түзүлдү. Мурдагы ырларымдан сүйүү ырларын коштум. Мен кийинки убакта улуу темаларга кайрылып калышымын себеби,





жаш өтүп, жаш куррактагы өзүнүн сүйүү ырларын ырдап бүттүбү деп ойлоймун.

– Жымыңдаган жылдыз жанган
түндөрдө,
Жылдыз менен сырдашабы, эжеке.
Күн күлүңдөп нурун чачкан чак түштө,
Эргүү келип ыр жазабы, эжеке?

– Мен ырларды күн-түн дебей эле жаза берем. Кайсы убакта эргүү келсе, кайсы убакта жан дүйнөм даяр болсо, ыр жарата берем. Бирок, мен ырды көбүнчө аян сыяктуу алам. Аян сыяктуу ырлар менен жашаймын. Капысынан эле башыма келет да, ошол убакта бир отуруш менен эле жазып коём. А кээде, обончулардын сураныытары менен жаза турган болсом, биреөнүн буйругуна баш ийген ырлар башкачараак болуп калат да, эки адамдын жан дүйнөсү биригип калып, наркы адамдын ойлорун камтышка туура келет. Ошон үчүн бышырып туруп, узагыраак убакытта чыгарып калышым мүмкүн.

– Чыгармачыл дүйнөдө
барбы жакшы жаңылык?
Жакшы ырлар топтолуп
китеп чыктыбы жаңырып?

– Өткөн жылы эле силердин колуңарга тийген «Карайлаба кан Манастын урпагы»

деген китебими чыгардым. Ага чейин «Дил азык», «Сапардагы каркыра» деген китептерим чыккан. «Даанышман кептер» деген макал-лакаптардын учкул сөздөрүн жыйнагамын.

– Алтындай убакытты бизге бөлүп,
Жакшы маек курдуңуз, акын эже.
Рахматты коштоп айтып узатайын,
Ызат-урмат, сый үстүндө жүрүң, эже.

– Рахмат, Айсалкын. Сенин да алдыдагы жолдоруң ачык болуп, жанып турсун. Тилегиңдеги баардык нерселер кабыл болуп, ийгиликтер коштоп жүрсүн. «Аруу дүйнө» гезитинин жамааттарынын жан дүйнөлөрүнө да бакыттын шам чырагы жанып турсун!





## ГУЛЖАМИЛА ШАКИРОВАГА

Алыскы Ала-Тоодон ат арытып,
Акын эже келипсиз ыр артынып.
Кең калаа Москвага куш келипсиз,
Букка толгон жүрөктөрдү тазартып.

Бар болуңуз ар дайым ыр дүйнөдө,
Балдай таттуу ырлар берип ыр дүйнөгө.
Талантыңыз ташкындасын,
жалындасын,
Тарасын аалам кезип жер жүзүнө.

Гүкү эже, гүлдөй жайнап кулпуруңуз,
Болуңуз ыр дүйнөдө өчпөс жылдыз.
Кыргызда көбөйсө экен, элин сүйгөн,
Жан үрөп, ак сүйлөгөн сиздей кыргыз.

## БИР ТУУГАНДАРЫМА

Бир бөлмөдө бир чоң жууркан жамынып,
Бир туугандар катар жатып алчубуз.
Бирибиздин демибизге жылынып,
Бир оокумда таттуу уйкуга батчубуз.

Балалык кез, баёо мүнөз, жыргал ай,
Баргым келет балалыкка кайрылып,
Бир боорлорум, кантип турам ыр
жазбай,

Баарыңарды турам азыр сагынып.

Агам, эжем, инилерим, сиңдилер,
Алганыңар менен бирге болгула!
Атам, апам бизден урмат көрсүн деп,
Алакан жайып, бата берип койгула.

Бактым тоодой, силер менен бүтүнмүн.
Балдарыңар байлыгым деп билемин.
Бар болгула, бир туугандар, кандаштар,
Баарыңарга ден соолукту тилеймин.

Бир болгула уялаштар, жандаштар,
Байлык, дөөлөт, узун өмүр тилеймин.





## ЖЕҢЕЛЕРИМ

Шайыр мүнөз шаңкылдаган жеңелерим,
Шартылдап той-топурду тейлейсиңер.
Кайын-журтка ийиле кызмат кылып,
Каткырып кайгы-капа билбейсиңер.

Өрнөк болуп кийинки келиндерге,
Жашоону шаңга бөлөп келесиңер.
Өстүрүп бизге ини-сиңдилерди,
Жеңелер тоодой бакыт бересиңер.

Гүлдөтүп үйдүн ичин таза тутуп,
Талыкпай эмгектенген жеңелерим.
Оорубай эсен-аман жүргүлөчү,
Силер үчүн ыр жазгым келет менин.

Ыр арнап, ырдан десте белек кылып,
Ыр сабына сиздерди жазгым келди,
Жаркылдаган жайдары жеңелерим,
Жакшы сүйлөп, сырдашып кайткым
келди.



## КЕЛИНДЕРГЕ

Керилген асылкечтер, кылыктуулар,
Кымтынып, бүйрө басып наздуусуңар.
Каш кагып, кайненеге жагалданып,
Келиндер, ар бириңер сулуусуңар.

Ээрчишип жолдошуңар жаныңарда,
Эркелеп көңүл отун табасыңар,
Элжиреп эркелетип балаңарды,
Энелик мээрим төгүп багасыңар.

Ак жоолукчан жароокер, асыл жандар,
Алганыңар менен өмүр сүргүлө.
Араздашпай келиндер, ынтымакта,
Аман-эсен, ден-соолукта жүргүлө.

Кабагыңар ачык болуп, кар жаабастан,
Кайын-журтка кызмат өтөй бергиле.
Кара бөрү тукумдарын көбөйтүп,
Кыздан кызмат, уулдан урмат көргүлө!







## АПАМА КАТ

Жаным апа! Жакшы, күүлү-күчтүү жүрөсүзбү? Атам кандай жүрөт, ден соолугу жакшыбы? Бала-чака, небере-чебере, тууган-урук тынчпы? Жаным апа, мени ойлоп сар-санаа тартып жүргөндүрсүз. Мен минтип кырктын кырынан ашсам да, небере күтүп жатсам да, сиз үчүн баягы эле кара-тору, секелек кызмын. Ооба, сиз мени сагынып, саргая күтүп, отуруп-турган сайын «жаман кызым алган жары менен эсен болуп, бала-чакасы аман болсо экен» – деп Кудайдан миң мертебе суранып, менин үй-бүлөмдүн убайын тартып жүрөсүз.

А менчи мен, ак сүтүңүздү берип чоңойткон, эч нерсеге теңдеши жок улуу, ыйык апа, сизди эстегенге убактым жок, көр тиргиликтин айынан талаа-түздө жүрөм. Балдарым эл катары ичсин, деп тамактын чүйгүнүн берем. Дос-жарынан калбасын деп, дүкөндү түрө кыдырып кийимдин кымбатын сатып берем. А сизгечи, түрдөп кийим сатып берген мындай турсун, айда-жылда бир акча которуп койсом, ак сүтүңүздү актагандай мардайып, көпкө чейин унутуп коёт турбайымбы. Эх таш-боор, мерез, эненин баркын билбеген көрпенде экемин. «Эне балам дейт, бала балам дейт» деген

макал төгүн жерден чыкпаган экен го. «Чыккан кыз чийден сырткары» дегендей, өз көмөчүмө күл тартып, өз тирилигим менен болуп жүрүп, убакыттын көзгө илешпей өткөнүн да байкабай калган турбайымбы. Апа, мен бир аптадан бери ооруп, төшөк тартып жатып калдым. Оорум сыздаткан сайын, сизди ойлоп, карааныңызга зар, мээримиңизге куса болуп жүрөм. Үстүмө үйрүлүп түшүп, «Садага болоюн кызым, айраны көмө катыкталган кордодон ичип, тердеп, жылуу жат» – деп жуурканымды кымтылап жаап, жанымда чарк айланып жүргөн сиз жок, өзүмдү ээн талаада жалгыз калгандай сезип, бугум ичиме батпай буюгуп, көөдөндө сизге болгон кусалык ээжаа бербей көзүмдүн жашы он талаа.

Азыр кимдир-бирөө келип, «сага эмне болду»? – десе эле баа деп, бакырып жарылчуудай өпкөм-өпкөмө батпай эзилип турам. Апаке, сиз ойлобонуз, эмнеге жалгыз олтурат деп. Жалгыз эмесмин, жанымда күйөө балаңыз уктап жатат. Неберелериңиз менин тынчымы албайлы дегенсип, секин шыбыраша сүйлөшүшүп, ара-чоло кыткылыктап күлүшүп, интернетте олтурушат. Мен өзүм эне болуп, үч баланы тарбиялап, эрезеге жеткирсем да, сизди эстегенде балдарыман өтүп, бала болуп, көкүрөгүңүзгө башымы коюп эркелегим келет. Жаным апа, түмөн түйшүктү бир





заматта бүтүрө калчу туурулган колдоруңуз менен чачыман сылап, «Сексейген жаман кызым, барган жериңен баар таап, бактылуу болсоң экен» – деп тилек кылып, мээримиңизди төгүп, бешенемен жыттаган күндөрдү сагындым.Өз үй-бүлөм түгөл жанымда олтурушса да, бир нерсе жетпегендей, сагынычтан сабылып жүрөм. Бул жетпеген нерсе, сиздин мээриминиз, сиздин алтын сөздөрүңүз го, апаке. Кээ бир күндөрү сүрөтүңүздү карап отуруп: «Садага болоюн апам» – деп алам да, сиздин айтканынызды эстеп кетем. Сиз: «Кой, антип сүйлөбөгүлө, менден садага кетпегиле, мен силерден садага кетейин, жаман күчүктөрүм» – деп калчу элеңиз. Жада калса, биздин сүйлөгөн сөзүбүздөн да чочулап, жамандыкка ыраа көрбөй, чарк айланып турасыз. Балдарыңыз үчүн откосууга түшө калганга да даярсыз. Жаным апа, жан дүйнөмдү буюктурган бурганакты сизге кат жазып кичине болсо да, баскым келди. Эч нерсеге тендешсиз менин асылзаада апакем, сиздин карааныңыз эле мага тоодой жөлөк, түгөнбөгөн мүрөк. Сизге болгон сагынычты, кусалыкты ырлар менен дарылап, бугумду ырга айландырып жүрөм. Жаным апо-ов, сизди абдан-абдан сагындым.

Тоо башынан нурун чачып Күн чыкса,
Апа, сиздин жүзүңүзгө төгүлсүн.
Түнү уктап, эрте менен турганда,
Алтын нурлар чачыңызга өрүлсүн.

Апакебай, жолуңузга саймалап,
Тулаң чөптөн килем жасап төшөйүн,
Ат арытып алыс жолдон барганда,
Таазим этип таманыңдан өбөйүн.

Канча кызмат кылсам дагы сиз үчүн,
Ак сүтүңүз актай албайм билемин.
Карылыктын доорун сүрүң, апаке,
Оорубаңыз, узун өмүр тилеймин.

Апакебай, дем-күч берип чыйралтып,
Аман-эсен, бизге кубат болгула.
Атам менен өмүр сүрүп жүз жылга,
Акыл айтып төрүбүздө болгула.







## ЖАКШЫ АДАМДЫН ӨМҮРҮ НЕГЕ КЫСКА, КИМ БИЛЕТ?

Жакшы адамдын өмүрү неге кыска, ким билет?
Жараткандын буйругу жаратуучу, ал билет.
Жүрөк толгон кайгыны көңүл айтып ким билет?
Жоготкон жакын адамын, аза күткөн жан билет.

Жүрөгүндө муңу бар, жүдөп турат атакем,
Жүзү турат кубарып, аза күтүп апакем.
Жакынынан айрылып, ичтен сызат атакем,
Жашыра албай кайгысын боздоп турат апакем.

Бир мезгилде кан жутуп, какшап турду экөө тең,
Бир боорунан ажырап, сыздап турду экөө тең.
Бедел авам көз жумуп, кайгыга салды атамы,
Бели болгон тагам да муңга салды апамы.

Атам байкуш эрктүүрөөк, ичке салып
сызылат,
Айланчыктап там артын, көзүнөн жашы
кылгырат.
Апам байкуш чыдабай өксүп-өксүп
чайналат.
«Аскарбегим өлбө» деп кошок айтып
муңканат.

Инилерин жоктошуп, ыйлап-боздоп
шай кетти,
Түндүктөрү тартылбай эки үйдө бай
кетти.
Ирдене элек балдардын аска-зоосу
урады.
Тагам менен авакем оорудан, оо
дүйнөгө узады.

Жаратканым жар болуп, жакшы
күндөн айрыба,
Атам менен апамы муңга салып
кайгыртпа.
Жакшылыкка жыйылган, тууган-урук
тынч болсун.
Арабызда эч качан кайгы-капа
болбосун!
Авам менен тагамын жаткан жери жай
болсун!





## АТАНЫН УУЛУ

Бул жашоодо кандай гана адамдарга жолукпайсың. Кээде түркөй адамдарга жолугуп көңүлүң үч көчкөн журттай калса, кээде акылман, боорукер адамдарга жолугуп маанайың көтөрүлгөн учурлар да болот экен. Москвадагы «Аруу дүйнө» гезитинде кабарчы болуп иштеп жүрүп көптөгөн адамдар менен баарлаштым. Көптөгөн жакшы адамдарга жолуктум. Алардын бири Россия Илимдер Академиясынын П.П.Ширшов атындагы Океанология институтунун ага илимий кызматкери, физика-математика илимдеринин кандидаты Асанов Дамир Сатаркулович болду. Дамир Сатаркулович менен биринчи жолу Кыргыз элчилигинде өткөн "Аруу дүйнө" клубунун бир жылдык маарекесинде жолугуштум. Дамир Сатаркулович, кечеде куттуктоо сөз сүйлөп бүтүп, мен сиздерге окшоп ыр жаза албайм, бирок убакыт берсеңиздер атамын ырын окуп берейин деп "Кусалануу" аттуу ырын окуганда карылыкка моюн сунуп, антсе да кайратынан жазбай жүргөн атам көз алдыма тартылды. Атам да "Карылык келип эсти алып , унутчаак болуп баратам" деп өзүнчө насаат ырларды кыңылдап ырдап калаар эле. Алыстагы ата-энеми

сагынып жүргөндө агайдын окуган ыры кусалыгымды күчөттү. Сатаркул, карыянын жазган ырындагы философиялык ойлору, окуган адамды терең ойго салаары бышык. Ыр мага абдан жакты. Кече бүтөөрү менен агайдын жанына басып бардым.

– Агай, сиз менен баарлашканга мүмкүн бекен?

– Мүмкүн, кандай темада баарлашабыз? – Агай сөзүн тактап мага суроо узатты.

– Атаңыздын ырын сурайын дедим эле. Абдан жакшы жазылган экен. Уруксат берсеңиз "Аруу дүйнө" гезитине жарыялайлы.

– Аа жакшы экен, гезитке болсо берейин. Ырды мен жакшы окуй албадым, силердей көркөм окугандар окуса мындан да жакшы болмок деп, коюн чөнтөгүнөн төрт бүктөп салып койгон ак баракты алып чыгып берди. Ыр колума тийгенине шам өрүк таап алгандай сүйүнүп, рахматымды коштоп айтып жолго түштүм. Сексен сегиз жашында жазган атанын жыйырма тогуз куплет ырын гезитибиздин "Казына" рубрикасына жарыяладык. Гезит чыгары менен агайга кабарладым. Агайдын гезитти





чыдамсыздык менен күткөнү, кубанганы телефондогу үнүнөн да байкалып жатты.

– Андай болсо мага жүз гезит калтырып коё аласыңарбы? Жакында Кыргызстанга барып бир туугандар чогулуп атамдын ашын бергени жатканбыз. Ошого ала кетейин деди. Гезитти жеткирип бердик. Гезит колуна тийээри менен телефондон байланышып ыраазычылыгын билдирип, "Аруу дүйнө" гезитинин жамаатына рахматын айтып, ийгилик каалап кетти. Биздин гезит менен жакындан таанышкандан кийин гезитибизге демөөрчү болуп, поэзия кечелерибизге такай келип ой-пикирин айтып, колдоо көрсөтүп, «Аруу Дүйнө» клубунун ардактуу мүчөсү болуп калды. Бир жолу агайдын атасы жөнүндө гезитке макала жазмак болуп кайрадан байланышып калдым. Агай менен саламдашкандан кийин атасы жөнүндө толук маалымат керек экенин айтсам:

– Макул, келээриңде телефондон байланышсаң дарегимди тактап айтып берейин. Анан кандай суроолор болот, сен келгиче мен жазып даярдап турайын деп, ар бир сөзүмө маани берип, тактап жатты. Агайдын сүйлөгөн сөзүнөн өзүнүн ишин так аткарган, иш билги инсан экенин билдим. Океанология институту Профсоюзная метросунда экен. Мен барганда агай

сырттан күтүп алды. Биз төртүнчү кабатка көтөрүлдүк. Эки бөлмөлүү кабинетте агай жетекчиси академик Р.И.Нигматулин менен отурарын айтты. Институтка киргенде биринчи эле дубалда илинген түрдүү кораблдердин, подводный лодкалардын, океандын сүрөттөрү көзүңө урунат экен. Сүрөттөрдү көрүп, океанология институту кандай иштерди аткарат жана Океанга кам көрүүнүн канчалык зарылчылыгы бар экенин сурадым.

– Океанология илиминин бүгүнкү максатынын бири, жер бетинде түгөнүп, калбай бараткан пайдалуу кендердин, заттардын океандын түбүндөгү запасын иликтөө жана минералдарды сыртка алып чыгуу керек деп, океан тууралу кызыктуу маек куруп берди. Сөз арасында иш столунун астындагы тартмайдан эскилиги жетип, саргайып өңү кете баштаса да эч бир жеринде кири же ашыкча тырышкан бүктөмү жок, күнү-күнкүдөй таптаза сакталган атасынын документтерин, ата-энесинин, чоң ата, чоң энелеринин сүрөттөрүн алып чыгып алардын эмгектерин, илгерки жашоо турмушун, өзүнүн балалык кездеги окуялары жөнүндө узун сабак кеп куруп отурду. Ата-энесин абдан сыймыктануу менен толкунданып сөз кылып жатканда, ата-энесине болгон урматын-сыйын,





камкордугун, канчалык деңгээлде балалык парзын аткарып жаткандыгын сөздөрүнөн байкап, ичимден ыраазы болуп турдум. Кайда жүрсө да ушул сүрөтттөрдү, документтерди таберик кылып таза сактап жанында алып жүрөндүгү мени бир чети таң калтырса, бир чети агайдын ушунчалык сарамжалдуу, ар бир нерсеге аяр мамиле кылганына көзүм жетти. Агайдын сөздөрүн угуп олтуруп, суроо пайда болду.

– Агай, кыргыздарда бир жакшы макал бар эмеспи "Уулдун үч түрү бар: Атадан артык уул, атага тең уул, атадан кем уул" деген, сиз атадан артык уулдарга кирет окшойсуз? – десем агай күлүп:

– Атадан артык уулдар Бишкекте турушат. Калмурза, Мурат деген агаларым бар. Экөө тең техника илимдеринин кандидаттары. Мен болсо атадан артык уул боло албасам да атага тең уул боло алдым окшойт, – деди агай сыймыктана.

"Аккан арыктан суу агат" демекчи жогоруда айтылган агайдын бир туугандары:

– Калмурза Сатаркулов менен Асанов Мурат Сатаркуловичтер профессор, доцент. Жүздөгөн илимий эмгектердин автору. Ал эми Анара эжеке – химик. Чынара эже – Миң-Куш көмүр бассейндеги инсан,

карындашы, Жыпар эже энергетик экенин билдим. Баса, биздин каарманыбыз, физика-математика илимдеринин кандидаты Асанов Дамир Сатаркулович жыйырма сегиз жашында окутуучусу Академик Аманбек Жайнаковтун илимий монографиясына авторлош болуп, Кыргызстандагы окмуштуулар чөйрөсүнө таанымал болгон. Балдарынын баарын билимдүү, окумуштуу кылып тарбиялаган ата ким болгон деген суроо туулбай койбойт экен. Көздөп келген максатым ишке ашып агайдан атасы тууралу көптөгөн маалыматтарды алдым.

– Сатаркул Асанов, Жумгал районуна караштуу Доскулу айылында 1924-жылы жарык дүйнөгө келген. Фрунзедеги Кыргыз мамлекеттик университетинин филология факультетин бүтүргөн. Биринчи эмгек жолун Арал мектебинен баштаган. Таланттуу инсан Чаекте, Миң-Куштагы орто мектептерде көп жылдар бою директор болуп иштеп, 1984-жылы ардактуу эс алууга чыккан. Сатаркул Асанов – Ата мекендик согуштун эмгек ардагери, көптөгөн ырлардын автору, бирок ырларын басмага берген эмес. "Билим берүү Отличниги" төш белгисинин ээси, ардак грамота жана көптөгөн медалдар менен сыйланган. Жергиликтүү Советтин бирнече жолку депутаты болгон. Жубайы Асанова Нурила





апа экөө алтымыш сегиз жыл бирге түтүн булатып, сегиз баланы тарбиялап, жогорку билимдүү кылышкан. 2012-жылы 88 жашында дүйнөдөн кайткан.

Москвадагы белгилүү институттун ага илимий кызматкери болуп иштегенине карабай жөнөкөй сапаттарга ээ, кандай адамдар менен баарлашпасын өзүнө тартып, сөздү барктап сүйлөгөн агайдын жакшы жактарын өзүмө аз да болсо сиңирип, ар бир атанын ушундай уулу болсо деп тилек кылып бараттым.

# ЭСИМДЕ КАЛГАН БИР ЭЛЕС

## Жоголгон пулдун азабы

Күркүрөгөн күз айларынын биринде, узакка созулган оорудан апамын иниси Аскарбек тагам дүйнө салып, талаа-түздөгү тууган уруктар чогулуп ызы-чуу түшүп калдык. Ошол күн мал базарга туш келип калгандыктан Гүлийпа тааженем, тажияга керек кылуу үчүн эки бодо мал сатып келип бериңиз деп атама дайындаптыр. Атам малдарды сатып, акчасы колго тийээри менен шашылыш үйгө келет. Атты эшиктин алдындагы өрүккө байлай салып, шымынын чөнтөгүнө колун салса эле акчасы жок. Атам нарыдан-бери жан-жакыбелин сыйпалап, бир баскан жерин жүз басып издеп, таппаган соң эчкимге айтпастан кайра атты минип, келген жолу менен базарга чейин издеп барып, таппай келиптир.

Атам сырттан бозала болуп кирип келди. Биз атамын түрүн көрүп , эмне болду деп элейе карап калдык.

– Ээ балдарым, чеки иш болду! Сатылган малдардын акчасын жоготуп алдым. Гүлийпа мага ишеним артып тапшырбады





беле. Эми кандай кылам деп жаш баладай муңканып, кейип турду. Дайыма шартылдап жүргөн атамын ошондогу акыбалын көрүп аяп, ал тургай оозунан чыккан сөзгө ишенбегендей карап, баарыбыздын заманабыз тарый түштү.

– Атаңкөрүү, мындай суммадагы акча эч кимден чыкпайт эми. Короодогу малдардан сатып келейин десем, мал базар да тарап кетти – деп оор үшкүрүп, бир ордунда тура албай чебелектеп жатты. Аза күтүп олтурган жаныбызга, акчанын азасы кошулуп жүрөгүбүзгө томуктай нерсе пайда болуп, атамы аянычтуу акыбалдан кантип чыгараарыбызды билбей сарсанаа боло баштадык. Акча колдун кири деген менен, акчасыз эч бир ишибиз бүтпөй, акчасыз адамдар менен да жакшылыктуу мамиле кыла албай калаарыбыз турган иш эмеспи. Бардык нерсеге жараган да акча, бир заматта азапка салып, акылдан алган да акча тура.

– Апаңарга угузбай тургула, күйүтүнө күйүт кошуп сар-санаа кылбайлы. Мен болсо эки жактан акча сураштырайын – деп, атам жоголгон акчага ичи бир ачышса, бир жагынан «Ээ кокуй, ошончо акчаны этияттап салбайбы. Чоң эле киши да ушундай болобу ботом, чалагайым баланын ишин

кылып" деген элдин сөзүнө каламбы деп, жети өмүрү жерге кирип турду. Бир убакта өзүн колго алып, «Кой, мынтип турганым болбос, кийимдерими которуп чыгайын» деп үйгө кирип баратып эле сүйүнүчтүү кыйкырып жиберди. Биз артынан чуркап барсак атам «таптым-таптым» деп, акчаны кармап турат. «Коюндан түшсө кончко» деген макалдай атамын шымынын чөнтөгү тешилип калып, өтүгүнүн кончуна сойлоп кеткен экен. Сур булуттай түнөрүп турган көңүлүбүз, бир заматта чайыттай ачыла түштү.





## «МАЯ» ЧАЙ ЖАНА ТАМАК-АШ СОДА

95-жылдары соода-сатык кылуу үчүн жолдошум экөөбүз, кычыраган кыштын январь айында Оштон Бишкекке келдик. Келген күндөн эле Ош базарын аралап кайсы товар жакшы өтөт, кайсы товарды сатсак деп байкаштырып, тааныш-тамырлардан кеп-кеңеш сурадык. Тааныштар чайды дүңүнөн сатып алып, кайра үстүнө беш тыйындан кошуп сатып жиберсеңер пайда жакшы калат деп, кеңеш беришти. Эртеси эрте менен дүң базарга барып акчабызга келишинче каропка-каропка «Мая» деген кургак чай сатып алдык да базардын ичиндеги соода-сатык кылган адамдардын катарына туруп соодабызды баштадык. Түшкө чейин жакшылыктуу деле соода кыла албай маанайыбыз чөктү. Кой, мынтип турсак болгудай эмес, өз баасына болсо да сатып, эртең башка товар алып чыгалы деп, чайларды өз баасына нарыдан-бери сатып жибердик. Биздин жаныбызда бир эрди-катын тамак-аш содасын сатып турушкан. Алардын базары кызуу жүрүп жатканын көрүп, эртең биз да тамак-аш сода алып чыгалы деп келиштик. Эртеси соданы

жүктөп келсек, кечээки кошуналар «Мая» чайын сатып жатышыптыр. Биз таң калып эмнеге чай алып чыктыңар, тамак-аш сода жакшы өтөт экен го десек:

– Сода жакшы өтпөй өз баасына эле сатып жибергенбиз. Силерди көрүп чай жакшы өтөт тура деп чай алып чыктык деп коюшат. Ошентип ошол күнү да алар чайын, биз соодабызды өз баасына сатканбыз .





## МОСКВАДА БОЛГОН БИР ОКУЯ

Азамат менен Назгүл Москвага келип, жаңы эле ишке орношушат. Азамат Назгүлдү түшкү тамакка «шам-шум» эткенге дүкөнгө жөнөтүп жатып «Адашып кетпей эки жагыңы жакшылап карап ал» деп эскертет. Назгүл чоң жолго чыгып эки жагын караса, чоң жарнамада кыздын сүрөтү илинип туруптур. Ошол жарнаманы белги кылып кетет да кайра келип эле таппай калат. Нары басып издейт, бери басып издейт, баягы кыздын сүрөтү бар жарнама жок, бара турган жерин таппай адашып калат. Бир мезгилде адашып кеткенин түшунгөн Алмаздын чыдамы кетип жолго чыкса, эки жагын элеңдеп карап Назгүл турган болот. Эй, оозуңу ачып эмне турасың, кирбейсиңби десе, – Мен чыгып баратып кыздын сүрөтү бар жарнаманы белги кылып кеттим эле кайра таппай калдым, – дейт. Анда Азамат: – Ананы кара, ушундай жарнама беле? – десе, Назгүл: – Ооба, ушундай чоң жарнама болчу дейт. Эмесе карап тур, – дейт Азамат. Назгүл көзүн албай түрдүү болуп өзгөрүп жаткан жарнаманы карап турса, баягы кыздын сүрөтү чыга калат. Сүйүнүп кеткен Назгүл: – Мына ушул сүрөт да, баятан бери издеп таппай жүрдүм эле, – деп коёт дейт.

## АРНОО ЫР

*Тагам, Кадырбек уулу Нуржигитке*

Өрнөк болуп, өсүп жаткан жаштарга,
Өчпөс изди билим менен калтыргын.
Элдин уулу, элдин жүгүн аркалап,
Эл журтуңа жакшылыгың ашыргын.

Окуп, иштеп заманыңдан калышпай.
Жылдан-жылга баратасың бийиктеп,
Сөздү-сөзгө кынай билген чечènсиң,
Сөздөрдү да тилиң менен жиликтеп.

Кубанычка бөлөп ар бир чыгармаң,
Кут даарыган ийгиликке жетишкин.
Кыргыз уулу, кылымдарга калгыдай
Көөнөрбөгөн эмгек жасап бөлүшкүн.

Ата-энеңден алган асыл сапатты,
Пайдаланып, элге арнап келесиң.
Ата уулу, ар-намысты бек сактап,
Жер кыдырып, тил үйрөнүп жүрөсүң.

Кайратыңа канат бүттүп Нуржигит,
Калк ичинде зоболоңу арттыргын.
Кадырбектин уулу деген ысымды,
Түбөлүккө өчпөс кылып калтыргын.

*22. 05. 2014-ж. Москва.*

*(Инимдин суроосу боюнча жазылган )*





## РОЗАГА

Заман менен тең жарышып чарчабай,
Турмуш жүгүн ийилбестен көтөргөн.
Үй бүлөгө камкор эне, күйүмдүү,
Роза эжем ишин сүйүп көшөргөн.

Нур жүзүнөн мээрим төккөн эжемин,
Кыз Сайкалдай өрт, кыраакы сүрү бар.
Байыркынын тарыхтарын окуткан,
Эжекемдин мугалимдик наамы бар.

Жан дүйнөңүз билим менен тазарып,
Чайпалбасын, төгүлбөсүн бактыңыз.
Талыкпастан өрнөк болуп жаштарга,
Жездем менен бирге болсун тактыңыз.

Тилегиңиз орундалып, ар убак,
Куттуу болсун жолугушуу тойуңуз.
Каалоо айтып, ырдан белек сунайын,
Гүл ордуна кабыл алып койуңуз.



## КЕҢЕШКЕ

Тарбия алып мыкты кыргыз энеден,
Татыктуу ата, күйүмдүү уул болдуңуз.
Достор менен саламыңыз түз болуп,
Туугандарга сый-урматта болуңуз.

Багындырып Россия жергесин,
Базар жолун эмгек менен жеңдиңиз.
Кыргызстанга салып евро, долларды,
Жакшы иштеп жергеңизге келдиңиз.

Тоонун уулу, тоо суусуна чайынып,
Таза абадан кере жутуп кетиңиз
Жолугушуу кечеңиз куттуу болуп,
Жакшы тилек-максаттарга жетиңиз.

Кеша ака, алыс жерде жүрөсүз,
Менттер сизди акмалап курутпасын.
Жеңем менен бактылуу өмүр сүрүң,
Берген Кудай берээрин унутпасын.







## БЕКТУРСУНГА

Өсөөр жашка үлгү болуп агабыз,
Улуулукту жан дүйнөгө батырган.
Көрөңгөсү билим менен ширелип
Ата-эненин тарбиясы камтылган.

Канча жылдык эмгегиңиз акталып,
Бул турмушту тактык менен жеңдиңиз.
Иштин көзүн таап иштеп талыкпай
Салык инспексиясына келдиңиз.

Артта калган балалыкты эскерип,
Кубанычка толсун көңүл шат болуп,
Зоболоңуз көтөрүлүп, ар жылы,
Жан дүйүнөңүз турсун дайым жаз болуп.

Бек ака, аман болуп балдарыңыз,
Жеңем менен нарктуу өмүр сүрүңүз.
Бүгүнкү куттуу болуп майрамыңыз,
Оорубастан эсен-аман жүрүңүз.



## ТААРЫНБАЧЫ

Сырыңды ачып мага,
Сүйүүңү айтып жаттың.
Сезим жок сага деген,
Сенектей ойго баттым.

Жоодурай тике карап,
Сүйөм деп, кайталадың
Жактырбай турганымды,
Сен неге байкабадың?

Актабай үмүтүңдү,
Азапка салдым сени.
Арзыган сүйүүңдү
Айтпагын болду эми.

Сүйүүгө жеңил карап,
Сөзүңдөн жаңылбачы,
Сүйүү бул, улуу сезим.
Себепсиз таарынбачы.

Жан дүйнөм жабыркатып,
Жашыңды агызбачы.
Жакшына кыз экенсиң
Жаштыкка алдырбачы.

Сүйгөнүм үйдө калды,
Сүйгүн деп жалынбачы.
Суйкайган карындашым,
Сен мага таарынбачы.





## СҮЙҮҮ

Ойлорду чырмап,
от кылган – сүйүү.
Жүрөктү жалын,
чок кылган – сүйүү.
Сары оору кылып,
санаага салган,
Сагынып күткөн,
азаптуу – сүйүү.

Уйкуну түндө,
уурдаган – сүйүү.
Убайга салып,
кыйнаган – сүйүү.
Экөөнү бирдей
санаага салып,
Эсинен чыкпай,
сыздаткан – сүйүү.

Кыналып басып,
өбүшкөн – сүйүү.
Көзүнөн жашын,
төг]шкөн – сүйүү.
Күдөөрүн үзбөй,
унутпай ойлоп,
Бир өмүр күткөн,
чыныгы – сүйүү.

## МОСКВАДА ЖҮРГӨН КЫРГЫЗ ЖИГИТТИН АРМАНЫ

Эл барган жерге барсам деп,
Энемди жакшы баксам деп.
Ээлигип келгем Маскөөгө,
Эсепсиз акча тапсам деп.

Ээликкен жүрөк басылды,
Чайыттай көзүм ачылды.
Элимден кетип алыстап,
Чаржайыт оюм чачылды.

Таанышым кетти карабай,
Жүдөдүм жетим баладай.
Тамактан өксүп кыйналдым,
Жээрге наным табалбай.

Жумушун жасап бирөөнүн,
Жалданып иштеп жүдөдүм.
Жолдошу болуп бомуждун,
Жер төлөөдө түнөдүм.

Он гүлдүн бири ачылбай,
Ойнобой, күлбөй кырчындай
Оруска келип кул болдум,
Оопасыз дүйнө ушундай.

Кылбаган ишим калбады,
Маянам бербей алдады.





Кассадан акча жоголуп,
Күнөөлөп мени кармады.

Ойдо жок жерден кармалып,
Орусча билбей алданып,
Үч жылга кеттим кесилип,
Үзүлүп үмүт шалдайып.

Ирденип кетсем дээр элем,
Иштесем нанын жээр белем.
Ийгилик жандап жүрбөгөн,
Илинчээк шордуу мен белем.

Абакта жатып сыздадым,
Айылым эстеп кыйналдым.
Апама акча салалбай,
Арыма келип ыйладым.

Кызарып чыккан күнүм жок,
Кыйкырсам угаар үнүм жок.
Бозоруп тордо жатамын,
Бешенем сылаар энем жок.

Кыла албай иштеп камылга,
Кете албай калдым айылга.
Күн санап көзүн шорлотуп,
Күткөндүр апам зарыга.

Кең дүйнө мага тар белең,
Кол сунаар пенде бар белең.
Кулунуң кетти кесилип,
Күнөөсүз шордуу жан элем.

## АСАНОВ ДАМИР САТАРКУЛОВИЧКЕ

Билим берип жаштарды алга үндөгөн.
Бой көтөрбөй, сөздү баалап сүйлөгөн,
Дамир агай, адамдардын асылы,
Даңгыр жолун илим менен жөндөгөн.

Кызмат кылып кең Москва шаарында,
Эмгектенип таанылган агай жалпыга.
Кылган иши, сүйлөгөнү төп келип,
Эл ичинде баркы бийик баарына.

Кандидаттык жактап билим гүлдөткөн,
Математика- физиканы сүйлөткөн,
Ийне менен кудук казып талыкпай
Билбегенге, билгендерин үйрөткөн.

Кенендиги бийик Нарын тоосундай,
Калбаат сүйлөп, биздин агай ушундай.
Таразадай тактык менен иш кылган,
Тоонун уулу, тоонун шумкар кушундай.





## ӨЗҮҢӨ ДЕГЕН МАХАБАТ

Жымыңдап жылдыз асманда,
Жай калкып турчу Ай гана.
Жанаша басып экөөбүз,
Жүрчү элек бакты айлана.

Көрүнбөй кетсең таарынып,
Карааның издеп сагынып,
Капыстан чыксан алдыман,
Калтаарый түшчүм айбыгып.

Жанымда жүрсөң бир басып,
Жүзүмдөн кетчү нур тамып.
Көрүшпөй биздин калганга,
Кымбатым, айтчы кимде айып?

Жаштык кез өткөн кезеги,
Кайгырсам кайтып келеби.
Калтырган сүйүү данегин,
Жүрөккө тынчтык бербеди.

Өрүктүн гүлүн чаң басып,
Өтсө да жылдар алмашып.
Өзүңө деген махабат,
Өчпөстөн турат гүл ачып.

Айсалкын Сооронбаева 1970-жылы 1-майда Ош облусуна караштуу Кара-Кулжа районунун 1-Май айылында туулган. «Аруу Дүйнө-1» «Аруу Дүйнө-2» китебине ырлары жарык көргөн. «Аруу Дүйнө» адабий клубунун мүчөсү. «Аруу Дүйнө» эл аралык коомдук-адабий гезитинин коммерциялык директору.





## Мазмуну

Теңир тоо....................6
Атам Калыкка, апам Тажиканга арнайм.......... 9
Апакем – тумарымсың.......... 10
Атакем менин аска тоом.......... 11
Асылым менин апакем.......... 12
Уулум Дурусбекке.......... 14
Уулдарым – үмүттөрүм, канатым.......... 15
Келиним Бактыгүлгө.......... 16
Аял.......... 17
Амансыңбы, Ата-Журт!.......... 18
Эңсөө.......... 19
Өчпөс сүйүү.......... 20
Күтүү.......... 21
Ата-Журт.......... 22
Туулган жерим.......... 23
Жүрөктөгү сезим ыйлайт.......... 24
Кечир мени.......... 25
Туулган жер, сага арнап ыр жазамын.......... 26
Айылдагы бир күн.......... 28
Жайлоодогу керемет.......... 30
Айылыма баратам.......... 31
Шаардык кыз.......... 32
Ала-Тоонун балдарыбыз.......... 33
Алыс калган балалык.......... 35
Кайда калды?.......... 36
Бак ичинде баарлашуу.......... 37
Түшүмө кирдиң неге?.......... 39
Арманда калган ак сүйүү.......... 40
Бүлөсү болдум бирөөнүн.......... 43
Үмүт менен күтүп келем.......... 44

Азгырбаңыз агатай........................................ 45
Махабат жана табигат.................................... 47
Келдиңби үмүт үзүп койгон кезде.................. 49
Өрүкзарда Ай төгүлбөй тынч турат.............. 50
Сага........................................................... 52
Кайчылаш жолдор........................................ 53
Өчпөгөн махабат.......................................... 54
Кечиккен махабат ......................................... 55
Бий керемети ............................................... 56
Жаштык....................................................... 58
Экөөбүз ....................................................... 60
Кош бол, жаштык........................................ 61
Каниет ......................................................... 63
Атам тиккен чырпыктар................................ 65
«Аруу Дүйнө».............................................. 69
Ырлар менин канатым.................................. 70
Бар болгула, курбулар! ................................ 71
Курбума....................................................... 72
Кечиримдүү болгон жакшы .......................... 73
Пенделер ..................................................... 74
Токтогулдун токтоо мүнөз акын кызы .......... 75
Куттуктоо.................................................... 76
Механика-математика илимдеринин
кандидаты *Абдыганы Шакировго* ................. 78
Чыңгыз Айтматого....................................... 80
Элесиңиздер ар дайым биз менен! ................. 81
Жездем, Пазыл уулу Талантбектин жаркын
элесине арнаймын......................................... 83
Армандуу сүйүү ........................................... 85
Айкөл Манастын эстелигинде......................... 86
Классташтар ................................................ 87
Өмүр ........................................................... 88
Буулуккан ойлор .......................................... 89
Карысы бардын – ырысы бар......................... 90





Текебер кыздын арманы.................................. 92
Зар дүйнө ..................................................... 94
Замана......................................................... 96
Сур замана сен оңолоор бекенсиң................. 98
Билбейт дебе................................................. 99
Тойго неге келишет....................................... 100
Жаңы жыл .................................................... 101
Алтын күз..................................................... 102
Нооруз ......................................................... 103
Ыйлагым эле келет........................................ 104
Менди Мамазаирова ...................................... 107
Коңур-Жаздын акын кызы ............................. 116
«Карайлаба, кан Манастын урпагы»............ 123
Гулжамила Шакировага ................................ 129
Бир туугандарыма ........................................ 130
Жеңелерим.................................................... 131
Келиндерге.................................................... 132
Апама кат ..................................................... 133
Жакшы адамдын өмүрү неге кыска,
ким билет? .................................................... 137
Атанын уулу ................................................. 139
Эсимде калган бир элес ................................ 146
«Мая» чай жана тамак-аш содасы ................ 149
Москвада болгон бир күндүк окуя............... 151
Арноо ыр....................................................... 152
Розага........................................................... 153
Кеңешке. ...................................................... 154
Бектурсунга. ................................................. 155
Таарынбачы. ................................................. 156
Сүйүү........................................................... 157
Москвада жүргөн кыргыз жигиттин
арманы.......................................................... 158
Асанов Дамир Сатаркуловичке. .................... 160
Өзүнө деген махабат...................................... 161

**Көркөм-адабий басылма**

**Сооронбаева**
**Айсалкын**

# Теңир тоо

*Редактору: Фатима Абдалова*
*Корректору: Нургүл Ногойбаева*
*Компьютердик калыпка салган жана мукабасын жасалгалаган: Алтынбек Кадыров*





**Форматы 60x84 1/16.**
**Көлөмү 10,5 б.т. Заказ № 59**
**Нускасы 500 даана.**

«Улуу Тоолор» басмасы
720040. Бишкек шаары,
Ю. Абдрахманов көчөсү 170а,
Тел. 62–02–13.



*Тоо бийик, тоону сүйгөн элим бийик,*
*Тоодо өскөн, тоо кадырын сезе билип.*
*Тамырлаш кыргыз элим тоолор менен,*
*Теңир Тоо биз жашайбыз сени сүйүп.*
*Теңир Тоо кыргыз үчүн улуу, бийик.*